16 Коомдук канал коомун сыйлабайт



9 «Алынган илим текке кетпейт»




# САРЕСЕП

saresep.kg

9-июнь, 2016-жыл
№22 (55)
Калыс көз караш!


# Кытай эмес кыргыз инвестор иштемек



4-бетте



Чатакташкан эки мусулман

2-бетте



Кой терисин жамынган карышкырлар

7-бетте



Казак ханынын булуту

7-бетте




# Ишкерлер Евробиримдикке товарларды экспорттойт

Евробиримдик эксперттери ЖЖС+ (Жеңилдиктердин жалпы системасы) макамы кандай артыкчылыктарды берип, кандай милдеттенмелерди жүктөй тургандыгын ишкерлер чөйрөсүнө түшүндүрүү максатында Кыргызстанга келишти. Бул жөнүндө ЕБнын Кыргызстандагы өкүлчүлүгүнөн билдиришти.

9-июнда өтө турган жолугушууда ишкерлер Европа комиссиясынын өкүлдөрүнөн өнүмдү ЕБ рыногуна экспорттоого байланышкан суроолоруна жооп алышат. Башкы баяндамачылар – Евробиримдиктин соода боюнча башкы директоратынын жетекчисинин орун басары Николаос Заимис, саясат маселелери боюнча кеңешчи Даниэль Крамер, Европа тышкы байланыштар кызматынын кеңешчиси Гус Хоуттуин.

2016-жылдын январында Евробиримдик Кыргызстанга ЖЖС+ макамын ыйгарган. Бул товарлардын 6 миңден ашуун түрүн европалык рынокко төлөмсүз чыгарууга мүмкүндүк берет.

Маселен, жемиш, шире, как жана жаңгактарды (грек жаңгагын, мистени), буурчак, тамеки, кийиз буюмдарын, кийим-кече, килемдерди төлөмсүз чыгарууга болот.



# Орусия менен Кыргызстан төлөмсүз мунай ташуу келишимине кол койду

Орусиянын премьер-министри Дмитрий Медведевдин Кыргызстандагы расмий сапарынын алкагында алты документке кол коюлду. Бул тууралуу өкмөттүн маалымат кызматынан кабарлашты.

Алардын ичинен орчундуусу – мунай ташуу боюнча макулдашуу.

Эки өлкө ортосундагы мунай ташуу боюнча келишим буга чейин сөз болуп келген. Анын алкагында Кыргызстанга ташылып келген мунай продуктуларынан төлөмдөрдү алып салуу каралган.

Жеңилдетилген шартта келген мунайзатын кайрадан башка өлкөгө реэкспорт кылууга тыюу салынат. Эгер макулдашуу бузулса, Орусия төлөмдөрү кайра киргизип коюу укугуна ээ.

Кыргызстанга кирип жаткан мунай продуктыларынын 90%ы Орусиядан келет. Өлкөнүн жылдык керектөөсү бир миллион тоннадан ашык.

Келишим эки өлкөнүн ортосундагы ички процедуралык маселелер бүткөндөн кийин күчүнө кирет.



# Камсыздандыруучу компанияларды эл эсебинен бакпайлы

Ата Мекен фракциясынан депутат Алмамбет Шыкмаматов Автотранспорт каражаттарын милдеттүү камсыздандырууда карапайым жарандарга караганда жеке менчик камсыздандыруу компанияларынын кызыкчылыгы жогору коюлуп калганын билдирди.

Анын айтымында, кокустан жол кырсыгы болсо, сот аркылуу өндүрүлгөн каражат күнөөлүү тараптан жабыр тарткан тарапка төлөнүп берилет экен.

– Бул таптакыр туура эмес. Жол кырсыгына себеп болгон күнөөлүү тарап дагы өз унаасын камсыздандырган болсо, анын ага чейинки төлөп келген каражаты күйүп кетеби? Анысы аз келгенсип, сот аркылуу экинчи тарапка кошумча каражат төлөп берүүгө мажбурланабы? Мындай суроолорго сунушталып жаткан мыйзамдан жооп таба албайсыз. Элдин эсебинен жеке камсыздандыруу компанияларын бакпашыбыз керек!», – деди ал.



# Кыргызстанда инфляция 3,4 пайызга төмөндөдү

Жыл башынан бери инфляция 3,4 пайызга төмөндөп, 0,2 пайызды түздү. Бул тууралуу Улуттук банктын төрагасы Толкунбек Абдыгулов 8-июнда президент Алмазбек Атамбаевдин кабыл алуусунда билдирди. Жолугушууда баалардын туруктуулугун кармоо, ишкерлер менен фермерлерге берилүүчү насыялар тууралуу кеп болду.

Толкунбек Абдыгулов азыр банктарды капитализациялоо жараяны уланып жатканын кабарлады.

Тараптар накталай эмес төлөмдөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча 2012-2017-жылдарга эсептелген мамлекеттик программанын аткарылышын да талкуулашты. Президент аталган программа экономикалык коопсуздукту камсыздоого багытталганын, эсеп-кысаптарды улуттук валюта менен накталай эмес жүргүзүү аркылуу долларга болгон көз карандылыкты азайтууга болорун белгиледи.



Салык кызматынын Бишкек шаар башкармалыгы жоюлду

БАШКЫ РЕДАКТОРДОН

## Чатакташкан эки мусулман

Эки мусулман айтышып атат. Экөө тең сонун мусулман. Экөө тең биздин азап чеккен кыргыз мусулман дарагыбыздын эч нерсеге жана эч кимге алмашкыс мөмөлөрү.

Биринчиси – кең илими, дин куйүтү, такылдаган чечендиги менен дарттарга дабаа, көңүлдөргө шыпаа болуп берген аалым. Кудайдан жөө качкан төбөлдөрдөн, аферист эмчи-домчулардан, турмуштун катаалдыгынан алсырап, азып-тозгондордун баары андан кеңеш алат, туура жол табат. Орусиянын Маскөөсүндө миңдеген мусапыр кыргыз анын атын угуп эзели сабак үчүн мындай толбогон борбордук мечити кулпунуп, шаңга бөлөнөт. Атына бизге эле жумасына миңге жакын суроо келет. Дүйнөдөгү кыргыздын баары чакырып коноокко күтөт.

Экинчиси – жаш эл өкүлү. Жогорку Кеңеште отургандардын көбүнө салыштырганда чын эле элдин өкүлү. Кыргызстаныбыз кабылган эки ыңкылапта тең тызылдап жүгүрүп, элдин таламын талашып, ызаланып-ыйлаган чыгаан журналист. Кыргыздын каны төгүлгөндө, уялбагандарды карап туруп, кара жерге кирип кеткиси келген эр жигит. Быйыл биринчи жолу орозо кармап атат. Мындай жалындуу жигиттин ыкласында шек жок. Аалымыбыздай эле ага да келечекте чоң үмүт артабыз.

Бирөөсү бирөөсүн кыйытып, каапыр болуп калба десе. Экинчиси сиз каапыр десеңиз эле каапыр болмок белем, динди жаман көрсөткөн Сириядагы айбандарга окшоп баратасыз дегенсийт. Орозонун экинчи күнүндө башталган айтыш али улануда. Кайран гана Рамазан…

Экөөнүн тең колтугуна суу бүрккөндөр бар. Бирөөлөр билбестиктен суу бүркөт. Алар илим жана тажрыйба жагынан экөөнүн тең бучкагына теңеле албагандар. Башкалары «өлүп кет» деп табаасы кангандар.

Бирок чатакка чыныгы кызыкдарлар Сирияда. Ал арапча ДАИШ, орусча ИГИЛ, кыргызча ИШИМ деп тергелген мусулман кейпин кийген айбан сымалдар. Орозо алдында бул иттер «Рамазан жихаддын айы. Биз дүйнөнүн булуң-бурчундагы өнөктөштөрүбүздөн активдүүлүктү күтөбүз» деп улушкан. Казакстандын Актөбөсүндө кан төккөндөр бул иттердин бакма кучуктөрү деген имиш бар. Европанын кээ бир мамлекеттери Рамазан айын коопсуз ай деп, куралдуу күзөтүн күчөттү. ИГИЛдин айбандарынын жихады өз напсиси менен күрөшүү эмес, күнөөсүз адамдарды атуу, ымыркайларды жардыруу, мусаапырларды муздоо…

Эки момунубуздун айтышы интернеттеги коомдук тармактарда радикалдашууну күчөттү. Аягы сотсуз аяктабачудай шекил алып баратат. Сириядагы айбандардын үргөнүнө окшогон ой-пикирлер менен коштолууда. Кайталана берген ой-пикирди ишке ашырткысы келген бирөөлөр пайда болуп, бири-биринин акысы акыретке өтүп кетеби деп чочулатат…

Сабыр, Түшүнүү жана Кечирим… Рамазан сабырдуулуктун, түшүнүүгө мүмкүндүк берген кечиримдин айы! Же Ыйык Рамазан бизге чоочун айбы? Же биз Рамазанга чоочун болуп калдыкпы?

Эки тараптын тең калың колдоочулары бар. Экөөнүн элдешүүсү – баарыбыздын элдешүүбүз. Илим жана Тажрыйбанын, Жүрөк менен Акылдын, Салабаттуулук менен Ыкчамдыктын элдеши. Мунун баарына биз карапайым мусулмандар канчалык муктаж болуп келебиз…

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925
САРЕСЕП
**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев, Эдил Айдаров,
**Жооптуу редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева
**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 45 48 68, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru
**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Саресеп гезити
**Нускасы: 6900**
**Буйрутма № 1331**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Финансы министрлиги баарын бийлегиси келет

**Талас облустук жаза аткаруу кызматынын жетекчиси абактагы кылмышкерди мөөнөтүнөн эрте бошотуу үчүн 11 миң сом пара алган. Учурда кылмыш иши козголуп, иликтөө жүргүзүлүүдө. Жаза аткаруу кызматынын жетекчиси өзүнүн өмүрүнө, эркиндигине коркунуч туулганына карабай пара алган. Жетекчинин мындай кенебестиктиги материалдык жакырчылыктабы, же башка себептери да болушу мүмкүнбү деген суроо менен** укук коргоочу Рита Карасартовага **кайрылдык.**



– Мындайга материалдык жакырчылыктан улам барат деген туура эмес. Айлыкты көп төлөгөн күнү да коррупция жоюлган эмес. Маселе эки тараптуу каралышы керек. Биринчиден, кызматкерге татыктуу айлык төлөө. Экинчиден, мамлекеттик кызматкердин функционалдык кызматын аткаруу милдеттери так жазылуусу. Так жазылбай калган күнү ал процесси жакшыртып койгонго мүмкүнчүлүгү бар. Ал эми жакпаган кишиси болсо көз жумуп билмексенге салып коёт. Ошондуктан мамлекеттин кайсы кызматынын кызматкерлери иштесе да, функционалдык милдеттери, укуктары так жазылышы керек. Кызматкерлерге бул жумушту так иштесең айлыгыңды көбөйтөбүз, жаман иштесең айлыгыңдан кыскартабыз деш керек. Кызматкердин милдеттери так аныкталса пара алууга жол берилбейт. Пара менен кармоону статистика катары колдонуп, коррупция менен күрөшүүдөбүз дейбиз. Тескерисинче, айлыкты кантип көтөрөбүз, функционалдык милдетти кантип жазабыз деп ойлонуш керек. Биз "Пара алсаң кармаласың" деп коркутуу жолун колдонобуз. Бирок алар коркконуна, айлыгынын аздыгына, напсисин тыйганына карабай пара алат. Мамлекеттик структура өзүн өнүктүрүүгө шарт түзүшү керек. Финансы министрлиги соттун, ЖАМКтын, мугалимдердин айлыктарын чечкенге кызыкдар. Чет өлкөнүн Финансы министрлигиндеги кызматкерден мугалимдин айлыгын сурасаң жооп бере албайт. Антнекени мамлекеттик структурага кандайдыр бир көрсөткүчтөрдү коёт. Мисалы, балдарды жакшы окутасың, бейтапты бул деңгээлде дарылайсың деп коёт. Мекемелерге алынган акчаны өз ара кызматкерлерди сыйлайбыз деп чечишет. Кызмат жетекчисине "Жаман иштесең айлыгыңдан кесем, жакшы иштесең айлыгыңды көбөйтөм" деген уруксат берилбей жатат. Айлык көп болсо да, мыйзамдуу кошумча акча берүү жок болгондуктан айлык ушунча деп иштешпейт. Кээ бир кызматкерлер пара алып акча табуунун жолун издей баштайт.

# Бул саммит протокол үчүн эле болду



**Бишкекте Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигине мүчө өлкөлөрдүн өкмөт башчылары катышкан саммит болуп өттү. Анын пайдасы, абалы, келечеги тууралуу саясат таануучу жана** "Демократ" партиясынын төрагасы Сейтек Качкынбайдын **оюн уктук.**

– Алгач аталган самиттин маңызын жалпылай карап көрөлүчү. Бул өкмөт башчылардын жыйыны. Аларды эски термин менен атасак, хандар эмес, вазирлер. Алар эч нерсени чечкен эмес. Ошондуктан бул саммит жөн гана протокол үчүн өткөн жолугушуу болуп калды окшойт. Бул уюмду реформа кылыш үчүн ар бир өлкө саясий реформа жасап, демократияга айланышы жана жогоруда атап өткөн кемчиликтерди жоюусу абзел. Ошондой эле элдик дипломатияны бекемдеш керек. Коңшу мамлекет менен шаар, облус, район аралык кызматташууну күчөтүп, соода-сатык жана башка иштерди жандантуу зарыл. Бирок, коңшу мамлекеттер менен алакабыздын чыңдалышына ар кандай тышкы күчтөр каршы турганы да учурдун негизги көйгөйлөрүнөн.

Туура, ар кыл тармакта макулдашуулар, кол коюулар болду. Бирок өзгөрүү болоруна көзүм жетпей турат. Антнекени илимий жактан карасак, буга чоң себеп бар. КМШ өлкөлөрү мамлекет деп таанылганы менен функционалдуулук жагынан заманбап мамлекетке айлана элек. Башкача айтканда, эффективдүү натыйжа көрсөткөн, дасыккан мамлекеттик институттар жок. Азыр Кыргызстандагы мамлекеттик институттар кандай чабал болсо, башка да шериктеш өлкөлөр ошондой эле турпатта.

Бул уюм акыр аягы Орусияга гана кызмат кылат деген да пикирлер бар. Мындай пикир да жөндүү деп ойлойм. Антнекени мурдагы СССРдин биринчи мураскери Орусия деп эсептелет. Ошондуктан, ушул сыяктуу жолугушуулар, саммиттердин демилгечиси көпчүлүк учурда орус мамлекети болуп келет. Булар өзүнүн улуттук стратегиясын улантууну жана мурдагыдай эле башка алсыз өлкөлөргө үстөмдүк кылууну, кудурет-күчүн сактап калууну көздөп жатат. Ошону менен өз таасирин тийгизүүгө далалаттанып, саясатын жүргүзөт. Бирок, албетте бул ачык айтылбайт.

# Сөз эркиндигин чектөө дүйнөлүк практика

**Массалык маалымат каражаттары жөнүндө мыйзам 1992-жылы кабыл алынган. Учурда парламент жалпы маалымат каражаттары жөнүндөгү мыйзамга өзгөртүү киргизүү маселесин коомдук талкууга коюп турган чагы. Бул сөз эркиндигин ооздуктап, ой-пикир билдирүүнү чектей турган мыйзамбы же, кайсы бир оозуна алы жетпей, эки элди бириктирбеген, бир элди эриктирбеген ушакчылардын тизгинин тартып койчу мыйзамбы азырынча толук белгисиз. Ушундан улам ушул мыйзамды сунуштап отурган парламенттин өкүлү,** СДПК фракциясынын депутаты Искендер Матраимовдон **«Эмнеден улам бул маселе бүгүн көтөрүлүп жатат?» деп суроо салып, төмөнкүдөй жооп алдык:**



– Учурда дүйнө жүзүндө, маалыматтык күрөш жүрүп жатканы жашыруун деле эмес. Кайсы бир окуяны, башка бир мамлекеттин пайдасына, же ошол эле учурда, бөлөк бир өлкөнүн баркына доо кетирген маалымат булактары жаандан кийинки козу карындай эле көбөйүп кетти да. Мындай көрүнүштөр биздин өлкөдө көп эле. Маселен бизде тымызын, билгизбей башка бир өлкөнүн саясатын жүргүзүп жаткандар чекеден табылат. Албетте, коомдо сөзсүз сөз эркиндиги да болуш керек, бирок ошол эле учурда мамлекеттин коопсуздугу дагы сакталышы зарыл. Буга окшогон чектөөлөр дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө бар.

Алсак, коңшу Казакстан республикасында чет өлкөлүк жеке жана юридикалык жактарга, жарандыгы жок адамдарга ЖМКнын менчик ээсинин – юридикалык жактын акцияларынын 20дан ашык пайызын ээлөөгө, пайдаланууга, тескөөгө жана башкарууга тыюу салынат. Америка Кошмо Штаттарында чет өлкөлүк жарандар телеканалдардын жана радиостанциялардын акцияларынын 25 пайыздан ашпаган үлүшүн контролдой алышат. Австралияда – 30 пайыздан ашпайт. Францияда Евро Биримдикке мүчө болуп саналбаган өлкөлөрдүн өкүлдөрүнүн ММКга катышуусу 20 пайыз менен чектелген. Японияда чет өлкөлүк компаниялар негизги көрсөтүүчү каналдарда 20 пайыз менен чектелген. Ушул сыяктуу дүйнөлүк практиканы эске алуу менен аталган мыйзамды иштеп чыктык.

# Өз акчабызга да концерт койдурбайт

**2016-жыл Кыргызстанда «Тарых жана маданият жылы" деп жарыяланып, маданият тармагына жакшылап көңүл буруу каралган. Антнекени менен "бизге ушул убакка чейин көңүл бурулган жок" деп наразы болгон маданият кызматкерлери бар. Кыргыз циркинин артисттери мамлекет тарабынан жарытарлык жардам ала албай жүргөндөрүн айтып, 8-июнь күнү наразычылык жыйынын өткөрүштү. "Эгемендик алгандан бери мамлекеттен эч кандай жардам алган жоксуңарбы? Кыргыз циркине көңүл бурулбай калганынын себеби эмнеде?" деген суроо менен** Кыргыз мамлекеттик циркинин көркөм жетекчиси Тажиев Кадырбек **мырзага кайрылдык:**



– Кыргыз циркине 1976-жылдан бери өкмөттөн акча бөлүнүп жатты. Бирок эч кандай оңдоп-түзөө иштери болгон жок. Болгону сыртын эле актап коюшат. Бизге бөлүнүп жаткан акчалар кайда кеткени белгисиз. Чыгармачылык жактан артисттерге эч кандай колдоо болбоду. Артисттер өз камдарын өздөрү ойлоп, костюмдарын тигишет, чет мамлекеттерге кыргыз циркин таанытуу үчүн өз чөнтөгүнөн каражат чыгарышат. Алар жеңишке жеткенден кийин гана бийликтегилер биз ушундай кылдык деп айтышат. Бизде чындык деген нерсе жок. Артисттерге бут тосуу, бири-бирине кагыштыруу сымал көрүнүштөр күчөгөн. Биз канча жолу өз каражатыбызга болсо деле атайын майрамдык концерттерди өткөзөлү десек эле, кереги жок деп уруксат беришпейт. Артистер өзүнчө, бийликтегилер өзүнчө кетишти. Булардын ою акча, анан эптеп-септеп менчиктештирип алуу. Бизге көңүл бурулбаганын циркин тегерегиндеги сатуучуларга көңүл бурбаганынан билсе болот. Тиги жагына барсаң сарымсак, бул жагында пияз, баклажан сатылат. Бул жагында болсо ресторан балык багып алган. Бизге келген кичинекей көрүүчү балдар ээн-эркин чуркап ойной албайт. Буларга ким уруксат берди? Албетте, жетекчилер да. Ушундай акыбалга алып келишти. Бул жерде болгону кыргыз циркин сактап калуу маселеси турат. Себеби куугунтукка чыдай албай кыргыз артисттери тиги дүйнөгө кетип, калгандардын саны азайып баратат. Кыргыз цирки деп талаалап жүрүп 50 жыл иштедик. Мындай нерсени токтотуш керек.

Туруктуу
кирешеси бар
кошумча жумуш берилет

**Киреше
100$дан жогору**

Тел.: 0707 25 37 92
0552 26 30 80

Дареги:
**Бишкек ш.,
Киев көч.,
120,
28-бөлмө**



# Акча жана аны коргоо

Учурда өкмөттүн да, Ата-мекендик банк секторунун да негизги маселеси бул калктын банктарга болгон ишенимин арттыруу. Бул банкка аманатка берилген каражаттарды коргоого байланыштуу

## Акча коопсуздук үчүн маанилүү

Банктарга ишенимди жогорулатуу эң биринчи кезекте акча каражаттарын коргоо менен камсыздандырууга келип такалат. Эгер каржы ишканасы банкротко учураса акчалар толук же жок дегенде бир бөлүгү кайтарылып берилгендей болуш керек. Бул бир нече биргелешкен кадамдарды талап кылат.

Банк депозиттерин сактоо жана камсыздандыруу бир нече мамлекеттерде каралган. Аларга АКШ жана Канада, Евробиримдикке кирген бардык мамлекеттер сыяктуу эле өкмөт башчылары бул жумада Бишкекке келген Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги (КМШ) да кирет. Демек калктын каражатын коргоо системасы мамлекеттин каржы коопсуздугу менен туруктуулугун камсыздайт.

## Мыйзам 100 миңди кепилдейт

Кыргызстан банктагы каражаттарды коргоо максатында 2008-жылдын 7-майында «Банкка тапшырылган каражаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө» мыйзам кабыл алган. Ал депозиттерди коргоо системасын уюштурууну менен укуктук негиздери түптөгөн. Бул мыйзамга жараша 2008-жылдын 29-августунда Кыргыз Республикасынын депозиттерин коргоо агенттиги түзүлгөн.

Депозиттерди коргоо агенттиги жогорудагы мыйзамда каралган өзүнчө ыйгарым укуктарга жана милдеттерге ээ мамлекеттик коммерциялык эмес мекеме. Агенттиктин негизги максаты банктарга тапшырылган каражаттарды коргоо менен калктын банк системасына болгон ишенимин арттыруу аркылуу мамлекеттин каржы туруктуулугун камсыздоо. Депозиттерди коргоо системмасы банк жоюлса же банкротко учураса, тапшырган адамдарга компенсация төлөө аркылуу камсыздалмакчы. Бул компенсация ар бир адамга 100 миң сом төлөп берүүнү кепилдеген.

## Ким төлөп берет?

Банк депозиттеринин коргоо системасынын ченем-укуктук негиздерин жакшыртуу максатында КРдин «Банкка тапшырылган каражаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө» мыйзамын өзгөртүү жана толуктоо иши улануда. Анда депозиттерди коргоонун түзүмдөрү жана уюштуруу негиздери менен бирге компенсацияны 200 миң сомго чыгаруу маселеси каралууда.

Жоюлуу же банкрот болуу сыяктуу кепилдик кылуу учурунда төлөмдөр КРдин Өкмөтү менен коммерциялык банктардын атайын төгүмдөрүнөн куралган Депозиттерди коргоо фондунан жүргүзүлөт. Фонддун каражатынын 76%ын Өкмөт, 24%ын банктар камсыздайт. Калктын банктарга тапшырган каражаттарын коргоону мамлекет менен бирге төмөнкү жадыбалдагы 24 банк камсыздайт:

| № | Банктык аманаттарды коргоо системасына кирген банктар |
|---|---|
| 1 | Орус-Кыргыз «Аманбанк» |
| 2 | «Кыргызкоммерцбанк» |
| 3 | «Кыргызстан коммерциялык банк» |
| 4 | «Оптима Банк» |
| 5 | АКБ «Толубай» |
| 6 | «РСК БАНК» |
| 7 | «БТА Банкы» |
| 8 | «Демир Кыргыз Интернэшнл Банкы» |
| 9 | «Дос-Кредобанк» |
| 10 | «Орусиялык Инвестициялык Банк» |
| 11 | «ЭкоИсламикБанк» |
| 12 | «КыргызКредит Банк» |
| 13 | «БАКАЙ БАНК» |
| 14 | «Халык Банк Кыргызстан» |
| 15 | Пакистандын улуттук банкынын Бишкек филиалы |
| 16 | «ФинансКредитБанк КАБ» |
| 17 | «Айыл Банк» |
| 18 | «Манас Банк» (компенсация төлөө режиминде) |
| 19 | «Азия Банк» |
| 20 | «Кыргыз Инвестициялык Кредит Банкы» |
| 21 | «Борбор Азиянын Капитал Банкы» |
| 22 | «Бай-Түшүм» Банкы |
| 23 | «Кыргыз-Швейцардык Банк» |
| 24 | «ФИНКА Банк» |

Каржы боюнча эксперт МУРАТ КОЙЛУБАЕВ

# ЭКОНОМИКС

Биз буга чейин карап чыккан экономикстин төрт принциби менен жеке адам чечим чыгарат. Бирок адам кабыл алган чечимдердин көбү анын өзүнө гана эмес, башкаларга да таасирин тийгизет. Коомдун мүчөлөрүнүн алакалары мындан кийин каралчу үч принципке негизделет

*(уландысы)*

## 5-принцип: Баарын байыткан соода

Кабарларда америкалык жана жапондук компаниялар европалык өндүрүүчүлөрдүн негизги атаандашы катары айтылат. Алар бирдей өндүрүм чыгарган учурда чын эле ошондой. «Airbas» менен «Boeing» учак лайнерлери керектөөчүлөрү үчүн атаандашса, «Toyota» менен «Citroen» унаа базарында күч сынашып келет.

Бирок мамлекеттер аралык атаандаштык татаал көрүнүш болгондуктан, ал тууралуу ой-жорум кылган адам жаңылып калуусу мүмкүн. Европа менен АКШ же Европа менен Жапониянын ортосундагы соода спорттук атаандаштык эмес. Анда сөзсүз бир тарап май чайнап, экинчиси куу чөп менен оозун аарчып отуруп калбайт. Тетирисинче, соода эки жакка тең пайда алып келет.

Эмне үчүн? Соода сиздин үй-бүлөгө кандай таасир бергенин карап көрөлү. Сиздин агаңыз же карындашыңыз жумуш караштырганда башка үй-бүлө мүчөлөрү менен атаандашат. Бүлөлөр түрдүү нерселерди сатып алганда да бири-бири менен атаандаштыкка түшөт. Себеби ар бири эң жакшы товарларды эң арзан баада сатып алайын деп жанталашат. Ошентип экономикада ар бир үй-бүлө башка үй-бүлөлөр менен атаандаштыкта болот.

Бирок сиздин үй-бүлө аттандаштыктан толук арылуу ниети менен коомдун башка «клеткаларынан» мамилени үзсө эмне болот? Эгер андай кылсаңыз үй-бүлөңүз өзү мал асырап, өсүмдүк өстүрүүсү, кийимге кездеме токуп, үй куруусу керек болот. Демек сиздин бүлө башкалар менен өндүрүм жана кызмат алмашуу менен утушка жетет. Соода мамилеси ар кимдин өз жөндөмүнө жараша адистешүүсүнө шарт түзөт. Адам башкалар менен соода кылуу аркылуу түрдүү товарларды анча кымбат эмес баада сатып алуу мүмкүндүгүнө ээ болот.

Үй-бүлөлөр сыяктуу эле ар бир мамлекет башка өлкөлөр менен соода кылуудан утат. Соода аларга да эң жакшы жөндөмү бар тармакта адистешүүгө жардам берет. Ал өз товарын же кызматын башкалардын түрдүү өндүрүмү жана кызматы менен айырбаштоого мүмкүндүк алат. Ошондуктан казак, өзбек, тажик, орус, кытай, жапон жана европалыктар биздин атаандашыбыз болгон сыяктуу эле өнөктөшүбүз болуп чыга келет.

## 6-принцип: Базар – экономикалык ишмердүүлүктү калыптаган сонун ыкма

1980-жылдары Советтер Союзу менен Чыгыш Европада социализмдин урап түшүүсү балким акыркы жарым кылымдын эң чоң өзгөрүүсү. Социалисттик өлкөлөрдө чектелген экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү бөлүштүрүүнү папкечендер эң жакшы билет деп ойлошкон. Өкмөт экономикалык ишмердүүлүктү жетектеген, ким кайсыл товар менен кандай кызматты канчалык көлөмдө өндүрүп жана сунуу керектигин чечкен пландоо болбору катары иштеген. Борборлоштурулган пландоо өкмөт экономикалык ишмердүүлүктү эң жакшы деңгээлде уюштуруу мүмкүндүгүнө ээ, ошондуктан коомдун бакубат жашоосун камсыздай алат деген теорияга негизделген.

Учурда экономикасы ашыкча борборлоштурулган өлкөнүн көбү бул системадан кайтып, базар экономикасын түптөөгө өттү. Базар экономикасында чечимди пландоо борбору эмес миллиондогон фирма жана үй чарбачылыктар кабыл алат. Компаниялар эмне чыгарарын жана кимди жумушка аларын өздөрү чечет. Үй чарбачылыктар каалаган фирма менен кызматташып, кирешесин өзү билгендей жумшайт. Бул фирма менен чарбачылыктар базарда алака түзүп, чечимдерин баа жана жеке кызыкчылыктарынын негизинде аныктайт.

**Демек: Базар экономикасы – базарда алака кылган көптөгөн фирма жана жеке чарбачылыктардын борборлоштурулбаган чечимдерине жараша ресурстары бөлүштүрүлгөн экономика.**

Бир караганда базар экономикасынын жетишкендиктери табышмак сыяктуу. Мисалы, анда эч ким коомдун жалпы экономикалык бакубаттуулугу менен башын оорутпайт. Көптөгөн сатуучу жана алуучулар түрдүү базарларда алака түзүп, ар бири жеке максаттарына жетүүгө далбастайт. Бир борбордон башкарылбаган миллиондогон үй чарбачылыктар менен фирмалардын жеке кызыкчылыгына умтулуусу сөзсүз башаламандыкка алып келчүдөй көрүнөт. Бирок базар экономикасы жалпы коомдун өнүгүүсүнө алып келген экономикалык ишмердүүлүктү уюштура алары байкалды.

Британдык экономист Адам Смит 1776-жылы жазган «Табият жана элдердин байлыгын изилдөө» аттуу китебинде өзүнүн атактуу экономикалык теориясын сунган. Ал боюнча базарда алака түзгөн үй чарбачылыктар менен фирмалар «көрүнбөгөн кол» аркылуу багытталып, керектүү натыйжага жетет деген. Китептин негизги максаттарынын бири «көрүнбөгөн колдун» иштөөсүн көрсөтүү болгон. Экономикалык теорияны окуганда, «көрүнбөгөн колдун» экономикалык ишмердүүлүктү башкаруусунун негизги аспабы – базар баасы экенин билебиз. Баа сатуучу менен алуучулардын чечимдеринин натыйжасы болгондуктан, товардын коомдогу баасы менен бирге аны өндүрүүгө кеткен чыгымды чагылдырат. Анткени үй чарбачылыктар менен фирмалар сатып алуу же сатуу тууралуу чечим чыгарганда базардагы баага карашат. Анысы менен өздөрү байкабастан товарынын коом үчүн пайдалуулугун жана анын чыгымдарын баалашат. Мунун натыйжасы коомго максималдуу пайда алып келет.

Дагы бир өтө маанилүү корутунду кылса болот. Эгер өкмөт баанын талап жана сунушка жараша табигий калыптануусуна кийлигишем деп чечсе, анысы менен экономиканын негизин түзгөн миллиондогон үй чарбачылык жана фирмалардын өз ара ыкташуусуна жасалма бөгөт коёт. Ушул себептен улам салыктар ресурстардын эң жакшы таркалуусуна тетири таасирин берет. Себеби салыктар бааларды бурмалайт. Мындан улам үй чарбачылыктар менен фирмалар туура эмес чечим кабыл алышат. Мамлекеттин бааларды толугу менен көзөмөлдөөсү мындан да оор зыянга учуратат. Мунун баары социалистик экономиканын урап түшүүсүнүн себеби болгон. Социалисттик өлкөлөрдө бааларды базар эмес пландоо борбору аныктаган. Пландоо борбору базар баалары өзүнө камтыган маалыматты алып, анализдөө мүмкүндүгү жок болчу. Өкмөт базардын «көрүнбөгөн колун» байлап салгандыктан борборлоштурулган пландоо кыйроого учураган.

*(уландысы бар)*

Н.Мэнкью жана М.Тейлордун «Экономикс» китебинен

# Кытай эмес кыргыз инвестор иштемек

**Экономика министрлиги мурдараак Кытайдын өндүрүш кубаттуулуктарын Кыргызстандын аймагына көчүрүп келүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө билдирген эле. Анда СССР урагандан тарта, таланыптонолуп жок болгон ишкана, заводдорду кайра калыбына келтирүү демилгеси каралган. Натыйжада 40ка чукул өндүрүш ишканалар Кытайдан Кыргызстанга көчүрүлүп иштей баштамакчы**



Мындай сунушту Кыргызстан эмес, Кытай тарап киргизген. Серепчилердин кай бири бул демилгени колдоп жатса, дагы бири улуттук коопсуздукка жана экологиялык абалга доо кетирет деп чочулап турушат.

Натыйжада, Кытай өлкөсүнүн сунушунун келечеги, көйгөйлөрү жана анык абалы кандай болоруна азыноолак анализ жүргүзүп көрдүк.

## Кыргыз тарап бир тыйын да чыгарбайт.

Алгач көчүрүлүп келе турган ишканалар кандай өндүрүм чыгарат? Буга чейин урап жок болгон кайсы завод-фабрикалар ишке киришет? Кадр маселеси кандай болот деген суроолор менен экономика министрлигине кайрылдык. Анда **министр Арзыбек Кожошев** инвестордун жоктугунан иштебей келген ар кандай заводдор калыбына келиши мүмкүн экенин айтып, сүйлөшүүлөр аягына чыга электигин билдирди.



– Бургулагыч заводу, ЭВМ, Кайыңдыдагы кабель заводу, Токмоктогу, түштүк аймактагы фабрикалар, дагы канчалаган ишканалар ишке киришиши толук мүмкүн. Биз бардыгы болуп мамлекеттик жана жеке ишканалардын ичинен 42 объект сунуштадык. Алар инвесторлордун жоктугунан иштебей тургандар. Кызматташуу жеке каражаттын негизинде ишке ашат, бул өз кезегинде маселелердин эч тоскоолдуксуз тез чечилишин камсыз кылат. Бирок бул эң башкысы эмес, башкысы — кыргыз тарап бир тыйын да чыгарбайт, болгону, аянтын гана берет. Биротоло өткөрүп берүү жөнүндө кеп да жок. Сөз заводдорду көчүрүп келүү жөнүндө болууда. Ишканаларды бул жакка алып келүүнүн негизги шарттарынын бири – ишке биздин жумушчуларды тартуу. Андан тышкары, кыргызстандыктардын башкаруу ишинде катышуусу жөнүндө да сүйлөшүп жатабыз. Жана, албетте, ар бир конкреттүү учурда улуттук кызыкчылыктарды эске алуу менен сүйлөшүүлөр жүрөт. Муну менен бирге кыргыз тарап иш-аракеттер республиканын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлүшүнө көзөмөл кылат.

## Алгач, техникалык стандартка өзгөртүү керек



Кыргызстандагы көзгө басар өнөр-жай ишканаларына чет элдик компаниялар ээлик кылары белгилүү. Алар өз чөнтөгүн толтуруп, жаратылышты булгаганы аз келгенсип, доомату менен соттошуп кеткени да жашыруун эмес. **Экономист, серепчи Токтогул Какчекеевдин** пикиринде мындай алешемдиктин алдын-алуу үчүн баш мыйзамдагы технологиялык стандартка өзгөртүү киргизүү керек экен.

– Эгер Кытай заводдору Кыргызстанга келсе, биз биринчиден технологиялык стандартыбызды өзгөртүшүбүз керек. Анткени мунун аягы Кумтөрдүн кейпин кийип калышы мүмкүн. Ал эми стандарт кытайдыкы болуп, кыргыз жумушчулары иштей турган болсо, анда ал Кыргызстанга эмес, Кытайга пайдасы көбүрөөк тие турган завод болот. Андыктан биз кытайлар менен сүйлөшүүнү кылдат өткөрүп, заводдор Кыргыз-Кытай бирикме ишканасы деп аталышы керек. Ал эми жеке кытайдын администрациясын, кытайдын тех персоналын алып келип, бир тараптуу кадр болуп калса, анда көз карандысыздык жоголот. Мисалга Кумтөр да ушундай жол менен келген. Акыр түбү эмне болду? Минтип эки тарап тирешип, чакчелекей түшүп жатат. Бардык Кыргызстанга курулган завод фабрика, Кыргыз конституциясынын алдындагы кыргыз элинин кызыкчылыгы үчүн иштеши керек.

## Кытайлар жайлуу жерден баш тартпайт

Кызыгы, кытайлар ар дайым алгач эле өз жарандарынын ишке алынышын талап кылат экен. Айрым адистердин чочулоосу дагы ошондо. Анткени иштейм деп келген кытай жараны кыргыз кызына баш кошо калып, жарандык алып отурукташып калышы да толук ыктымал. Андыктан, адистер кытай менен кызматташууда өтө кылдат болушубуз керек дешет. Мисалы, атайын квота киргизип, иштөө мөөнөтүн чектеп, алардын отурукташып калуусуна бөгөт болушубуз керек дешет алар.

**Депутат Экмат Байпакпаевдин** айтымында кытайдын экономикасы абдан чоң болгондуктан, кытай менен кызматташуу ниетинде турган өлкөлөр көп. Бирок мындай өлкөлөрдүн баары кытай жарандарынын биротоло отурукташып калбоосу үчүн ар кандай чараларды көрүшөт.

– Казакстанда кытайларга жер кодексине өзгөртүү киргизгенден кийин, кытайлар каптап кетет дешип эли наараазы болуп чыкпадыбы. Бирок чындыгында Казак бийлиги кызматташуу, экономикасын көтөрүү максатында жер кодексине өзгөртүү киргизген. Анткени кытайдын экономикасы, өндүрүшү дүйнө жүзүндө биринчи орунда турат. Алар менен ымала түзчү өлкөлөр көп. Кантсе да, кылдат болушубуз керек. Анткени алар жайлуу жерден баш тартышпайт. Кытайдын өндүрүмүнүн сапаты кандай экенин баарыбыз билебиз. Ошондуктан сүйлөшүүлөр дыкат жүрүшү керек.

## Кытай эмес кыргыз инвесторлору иштетсе болмок

Өлкөдө сырттан инвестор тартуу маселеси мамлекеттик көйгөйлөрдүн бирине айланып баратат. Анткени кыргыз экономикасынын өнүгүү жолу сырткы инвестордун келишине байланып тургансыйт. **ЖИА бизнес-ассоциациясынын аткаруучу директору Руслан Акматбектин** айтымында мамлекет өз экономикасынын өнүгүү жолун башка бирөөгө бөктөрө салып, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн байкабай жатат. Анткени эл арасында акчалуулар көп, караштырса, өзүбүздөн эле инвестор чыкчудай дейт Руслан мырза.



– Бизде дайыма экспорт импорттон аз болуп келген. Быйыл минтип үч эсеге азайып кетти. Анткени бизден доллар чыгат, бирок кирбейт. Муну теңдеш үчүн биз сөзсүз товар экспорттошубуз керек, же тикелей түрдө инвестиция тартып келишибиз керек. Инвестициянын маңызы мына ушунда. Бирок инвестор келиш керек, келиш керек деп атып, өзүбүздүн ички мүмкүнчүлүгүбүздү унутуп, өнүгүү жолубузду бир гана инвестициянын келүүсүнө байлап алганбыз. Ошол эле учурда өзүбүздүн арабызда көмүскөдө колдонулбаган абдан көп каражат бар экенин көрбөй жатабыз. Акчалуулар көп, бирок алардын көпчүлүгү акчасын банкка, узак мөөнөткө сакташат. Банкка сактоо деген бул жаздыктын астына каткандай эле кеп. Ал эми ишканаларга орток болуу, үлүшкө отуруу, ошону менен катар эле өлкөнүн экономикасына дагы пайда түшүрүү деген түшүнүк биздин өлкөдө жокко эсе. Эмнеге андай? Анткени кыргыз экономикасынын эң негизги фундаменталдуу проблемаларынын бири бул ишенимдин жоктугу, келишим укугунун иштебегендиги. Акчаны пайда табыш үчүн жумшайт да, ошондуктан акчасы болгондорго мындай кылсаң пайда табасың деп так жолдорун гана көрсөтүш керек, болду. Калганын базар өзү жөнгө салып кетет.

Азырынча өкмөт өнөр жай ишканалары канча жылга ижарага берилерин, аталган объектилер кандай шартта иштээрин так аныктай элек. Бирок азыртадан эле экологиялык абал бузулбашы керек деген талаптар коюла баштаганы албетте көңүл жубатат.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Дудуктун доосун ким угат?

Бир катар көзү азиз жана дүлөй адамдардын Ак үй алдында тургандарына бир айдын жүзү болду. Төбөдөн тийген күндүн мээ кайнаткан ысыгына дагы, же нөшөрлөп төккөн жаандын чыйрыктырган суугуна дагы кайыл болуп булардын турганы-турган







## Ак үй тараптан жубаткан жан болбоду

Майыптардын нааразычылыкка чыкканына 1 айдын жүзү болсо да Ак үй тараптан бир дагы жан чыгып доосун угуп, жубатып койгон жок. Чыкса да алдап-соолап, аркы-беркини айтып, далыга таптамыш этип, жетелеп жолуна узатып коюп атты. Көрсө, булардын минтип эшик кагып жүргөндөрүнө бир ай эмес, бир жарым жыл болуптур.

Негизги доосу мамлекет тарабынан дүлөйлөр жана көзү азиздер коомуна атайы салынган турак жайлар өз ээсин таппай, орто жолдон этек-жеңге бөлүнүп жатканында экен. Майыптардын айтымында коомдун жетекчиси Калык Мамбетакунов батирлерди тууган-туушкандарына, тааныш-билиштерине бөлүштүрүп жиберет имиш. Алар майыптарга деген батирлерде куландан соо адамдар жашап жатканына нааразы.

Анткени менен дудуктар өз оюн жеткиликтүү түшүндүрө алышпайт. Андыктан алардын котормочусу Бактыгүл Смаева дудуктардын доосун которуп жатып буларга токтолду:

– Коомдо үй-бүлөлүк башкаруу, коррупция гүлдөп кеткен. Төрага Мамбетакунов 27 жылдан бери башкарып отурат. Кызмат абалынан пайдаланып, үйлөрдү тууган-туушкандарына таратып жатат. Канча жылдан бери үйгө жетпей жүрсөк, куландан соо адамдар үйгө ээ болуп калганына таңгалып жатабыз. Калык мырза өзү көзү азиз болгонунанбы, айтор, сокурларга эле көңүл бөлүп, дүлөйлөрдү унутта калтырып атат. Ошондуктан булар экиге бөлүнүп чырдашып жатат. Көтөрүлүп чыккан дудуктарды боюнда барына карабай, сабатып, каматышты.

Ур-токмокко кабылган **Сарукуева Жыпаргүлдүн** ал мезгилде боюнда болгон. 3-топтогу Жыпаргүл да канча жылдан бери үй ала албай, акыйкат издеп жүрүп таманы тешилгендердин бири. "Беш балам бар, жолдошум иштебейт" деген аялдын көзүнөн дагы далай нерсени айткысы келип турганы билүндү. Бирок, бир аз чалыштап сүйлөгөн тили ага тоскоол болуп аткандай сезилди.



– Дордойдо батирде жашайм, жолдошум иштебейт. Айына 3 миң сом жөлөк пул алып, ошону менен жан сактайм. Балдарымдын улуусу он беште, кичүүсү али алдей.

## Майыптар араздаша баштады

Жалпысынан көзү азиз жана дүлөйлөргө 300гө жакын батир курулган. Салынган турак-жайларда майыптар такыр жашабайт деп айтуу чындыкка жатпайт. Анткени чын эле кезеги келиппи, же дагы башка жолдор мененби, айтор, батирге ээ болгондор дагы бар. Мына ушул тамга жеткендер ал ортодо коомдун жетекчисин колдоп каршы пикетке чыга баштады. Алардын бири азиз **Темирлан Ормоков** нааразычылыкка чыккандардын дооматы карандай калп экенин айтып, маселени аянттан эмес, сот аркылуу чечиш керек деген оюн билдирди.



– Эгер койгон дооматтары чын болсо, сотко беришсин. Маселени аянттан чечкен болбойт. Туугандарына, тааныштарына берет дешип атпайбы. Мына мен таанышы деле эмесмин, бирок үй алгам. Мен уюштуруп, мен алып келдим тигилер чыга берсе биз дагы чыга беребиз. Тамдар 2009-жылдан бери салына баштаган. 8 жылдан бери үйгө жетпей жүргөн болсо эмне үчүн унчукпай жатып, эми чыгып жатат. Баарынын үйү бар. Көчөдө калган эмес. Азыр үйүн көрсөтсө, мен ээ болгон үйдү ошолорго бошотуп берейинчи.

## Өзүнүн кереги жок, бирок добушу керек

Өлкөдө мындай мүмкүнчүлүгү чектелгендердин саны 10 миңге чукул. Ооба, дүлөй жана көзү азиздердин саны чынында эле көп. 10 миң кишинин добушу президенттик, парламенттик жана жергиликтүү шайлоолордо чоң роль ойнору белгилүү. **Жарандык активист Мавлян Аскарбеков** бийликтегилер менен коом жетекчисинин ортосунда кандайдыр бир байланыш бар экенин жашырбайт. Анткени, келме-кезек деген бар, бийликтин буларга көңүл кош карагандыгы да ошондон дейт жаш активист.



– Майыптарды эч ким укпай жатканынан улам 1 ай мурун мага кайрылышкан. Ошондон тартып биз дагы изилдөө жүргүзүп бир канча маалыматка ээ болдук. Көрсө, коомдун жетекчиси Мамбетакунов деген киши өзү билемдик кылат экен. Коомго тиешелүү жер тилкелерин, ишканаларды, турак-жайларды каалагандай калчайт экен. Бир канча объектилер туугандарына 1 эмес бир нече жолу берилгенин, документтер тастыктап жатат. Эмнеге булардын доосун эч ким укпайт? Анткени бийлик менен жетекчинин ортосунда жылуу мамиле бар.

## Жөн эле чыгып алгандар да бар

Ал эми **майыптардын атынан депутат болуп келген Дастан Бекешов** пикетке чыккандардын баарынын доосу чындыкка дал келбейт деген пикирин билдирди.



– 9-июнда алардын баарын чогултуп алып тактайбыз. Андан кийин, бир чечимге келебиз. Себеби ал жерде жөн эле чыгып алгандар да бар. Айткандарынын баары чындыкка дал келбейт. Мисалы, бир үй-бүлө орто жолдон кошула калып, баламды түрмөдөн чыгаргыла деп жүрөт. Ооба чын эле жогорудагы орчундуу маселени көтөргөндөр да бар. Айтор, чын-бышыгын бейшемби күнү тактап билебиз го.

## Ээ, барчы, сен ким элең?

Майыптар коому 1930-жылы түзүлгөн. Мамлекет аларга атайын жер тилкелерин бөлүп, завод-фабрикалар курулган. Нааразычылыкка чыккан майыптардын дагы бир доосу ушунда. Анткени жетекчилик тарабынан эч кандай отчет берилбей келген. СССР убагында курулган фабрикалардын учурда канчасы калып, канчасы сатылганы белгисиз. Коомдун дагы бир мүчөсү **Медердин** айтымында азыр андай объектилердин бир тобу менчиктештирилип, бир тобу ижарада турат.



– Негизи коомго тиешелүү объектилер өтө эле көп. Туура иштетсе майыптардын баарын иш менен камсыз кылып койсо болгудай. Бирок, андай жерлердин баары оңду-солду иштелип атат. Мына КРСУ университетине бир объекти ижарага берилип, 15 жыл ичинде 25 млн. сом алыптыр. Ошондой нерселердин баарын айтпайт да. Ал акча каякка кеткени белгисиз. Отчет талап кылып барсак, "Э, барчы, сен ким элең?" деп капарына да алышпайт. Комиссия түзүлүп тиги тараптын пайдасына эле чечип берип коюп атат.

## 7 жылдан бери өз үйүмдө өзгөлөр жашап келген

Дудук, көзү азиздерге бул жашоодо ордун таап кетиш оңойго турбайт окшойт. Анткени абалын байкаган айрым алты саны амандар иш кылуудан качып, майыптын эптеп тапкан нанын тартып кетишет экен. Алардын кылтагына кабылгандардын бири **Кадырбаева Дильбара** 7 жылдан бери алданып келиптир. Эмесе, маселенин чоо-жайын жабырлануучунун өз оозунан уксак.

– 2008-жылы кырсыктап, Токмок шаарындагы азиздер жана дүлөйлөрдүн коомуна каттоого тургам. Коомдун директору Исмаилов Бактыбек 7 жыл мурун менин наамымдан 6-кичи райондогу майыптарга салынган үйдөн уулуна батир алып бериптир. Мен 7 жылдан бери укпай жүрүп эми угуп жатам. Бул байкуш томолой жетим, болушар кишиси жок десе керек. Минтип, ызы-чуу чыга баштаганда документимди өз колума бербей, эшигимдин алдына таштап кетиптир. Шардана болуп калабызбы деп коркушса керек, сыягы. Учурда документ менин колумда. Алгач ишенген эмесин. Кийин Исмаилов мени өзү чакырып алып, кокус чоңдор текшерип калса, өзүм чуркап жүрүп алдым дейсиң деп айткан. 7 жылдан бери келин-уулу жашап жүрүптүр. Баары ачыкка чыга баштаганда үйдү бошотуп, 28-майда, түнкү 12де үйдөн көчүп кетиптир.

## Жетекчинин жүрөгү кармап ооруканада

Макалабыз бир тараптуу болбосун үчүн азиздер жана дүлөйлөр коомуна бир эмес эки жолу баш бактык. Бирок, коомдун президенти Калык Барктабасовичти өз ордунан таба алган жокпуз. Кабылдамачысы Татьяна Петровна Мамбетакунов өзү дагы көзү азиз болгондуктан, ден-соолугу начарлап ооруканада экенин айтты. Ал эми орун басарлары анын уруксаатысыз пикир билдире албай турганын билдирди. Айтмакчы, майыптар дал ушул Татьяна Петровна Көк-Жардагы майыптар үчүн салынган батирлердин бирине ээлик кыларын айтышкан эле.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Кой терисин жамынган карышкырлар

**3-июнда Тышкы Иштер Министрлигинин алдында "Кыргыз чоролору"коомдук бирикмеси "Табарак" диний кайрымдуулук фондунун башчысы, Кувейттин жараны Абдулла Фалех Жабирге каршы наразычылык акциясын өткөрүштү. Коомдук бирикме ТИМге жана тиешелүү мамлекеттик органдарга Кувейттин жараны адаттан тыш аракеттерди жасаганы үчүн Кыргызстандан депортациялансын деген талап коюшту**



"Табарак" диний кайрымдуулук фондунун башчысы Абдулла Фалех Жабир

Буга чейин "Табарак" диний кайрымдуулук фондунун башчысы, Кувейт мамлекетинин жараны Абдулла Фалех Жабирдин белгисиз аял менен жыныстык катнашы жаздырылган видеотасма коомчулукту дүрбөлөңгө салган. Кийин ал сүйлөшүүнүн аудиотасмасы чыгып, кыргызча сүйлөгөн кыз менен кыргызча жакшы сүйлөй албаган, адамдын үнү жаздырылган. Анда бир түндүк никеге 200 долларга макул болгон кыздарды караштыруу тууралуу сөз болгон.

## "Ар намысты тебелеп келгени жетишет"

**"Кыргыз чоролору"коомдук бирикмесинин жетекчиси Замирбек Көчөрбаев** Тышкы иштер министрлигинин астында наразычылык акция уюштуруп, Абдулла Фалех Жабир өлкөдөн депортациялансын деген талапты койду:



– Видеотасма менен аудиотасма социалдык тармактардан жарыяланып чоң талкуу болуп жатат. Кыргызстанда 10 жылдан бери иш алып барган "Табарак" кайрымдуулук фондунун башчысы, Кувейт жараны Абдулла Кыргызстанда туура эмес иштерди жасаганы жөнүндө маалымат булактарда жарыяланды. Абдулланын досторуна кыргыз кыздарын бир күнгө 200 долларга нике кыйганы боюнча маалымат тарады. Анда кыздар үчүн Дубайга окшогон араб өлкөлөрүнөн жумуш таап берем деген сөздөр бар. Биз булардын баарын билген соң, биздин мамлекеттик орган кандай чара колдонот деп күттүк. Бирок эч кандай чара колдонулган жок. Бүгүнкү күндө "Табарак" фондунун башчысы 20 миң долларга жактоочу жалдап өзүн коргоодо. ТИМ бул ишти дыккат иликтеп, Абдулланын күнөөсү болсо тез арада чара колдонуп, Кыргызстандан депортациялансын деген талап коюудабыз. Нике тууралуу аудиотасма, кыздын көрсөтмөсү турса да ага кылмыш иши козголбойт. Бул адамдын акчасы көппү, же Кувейт жараны болгону үчүн кылмыш иши козголбойбу? Мамлекеттик тиешелүү органдар тез аранын ичинде Кувейт жаранына чара колдонушсун. Кыргыздын кыздарын, улуттук ар намысты тебелеп келгени жетишет. Кытай, корей, түрктөргө качанкыга чейин чыдайбыз. Кыргыздын жигиттери кыздарыбыздын намысын коргошубуз керек. Кыздар эртеңки биздин апаларыбыз. Эгерде кызыбыздын ар намысы тебеленип жатса, эртең булардан кантип биздин келечек урпактар пайда болот. Ушул маселени жакшылап ойлонушубуз керек.

## Эми биздин кыздарыбыз калдыбы?

Наразычылык акцияга **Талас облусунун Шекер айылынан келген Дүйшөнбек ата** булардын шариятында бир балээ бар деп төмөнкүлөргө токтолду:

– Алар бирөө менен жакшы мамиле кыларда чапма деген молдону жалдай коюп чапмасын чалдырат да, эртеси күнү талагын берип коюшат. Бул жаран мусулман өлкөсү мени эмне кылып алат эле, буларды тебелей берсек болот деп жүрөт. Биз ушунчалык начар болгондуктан ушу нерсе келип чыгууда. Мына вахабит дегендери жардырып, кырып-жоюп балдарды өлтүрүшүүдө. Булар бүтүп эми биздин кыздарыбыз калдыбы?! Биз мусулманбыз деп мусулмандын атын жамынып алып жаман иш жасап жатышпайбы, – деп кейиди аксакал.



## "Элге салабыз, эл чечет"

**Кыргыз чоролору коомдук бирикмесинин мүчөсү Кубанычбек Дүйшеев** бул көйгөй бизнеске айланганын мындайча айтат:

– 2014-жылы коомчулукта бул иш боюнча өтө чоң резонанс болгон. Бул иш-чараларды жасоо учурунда бул көйгөй бизнеске айланганын түшүндүк. Биздин аткаминерлер кыздарды бөлүп-бөлүп алышкан. Бир короо кызды кытайларга сатат. Дагы бир короо кызды корейлерге сатат. Калгандарын пактарга сатат. Ушул иштерди далилдеп, сотко өткөргөн күндө дагы, соттор аларды актап, ишти жаап чыгарып ийүүдө. Жогорку Кеңештин бешинчи чакырылышы бул маселе боюнча эч нерсе кылган жок. Ал эми ЖКнын 6-чакырылышы иштегенине 1 жылга жакындаса да эч нерсе кыла элек. Бул маселе боюнча милициялар штраф салганга укугу жок экен. Мыйзам да кабыл алынган жок. ЖК балким ойгонуп, мыйзамдарды кабыл алып, соттор дагы эсине келип, бир башка жолдор менен чечилип калат деген үмүттөбүз. Биз аларды анча-мынча убакыт күтөбүз. Болбосо бул көйгөйдү аксакалдардын уруксаты менен элге салабыз, эл чечет.

Макалабыз бир тараптуу болбоосу үчүн "Табарак" кайрымдуулук фондунун башчысы Абдулла Фалех Жабирге чалып, аны менен байланыша алган жокпуз. Айтылган кайрымдуулук фонду жайгашкан имаратка барганыбызда кеңсесинен изин суутуп кеткени билинди. Каршылаш батирде жайгашкандардан "Бул жерде диний кайрымдуулук фонду барбы" деп сураганыбызда, алгач "Кимиси керек эле" деп сурап алып, гезиттен келгенибизди билген соң кайра "бир жыл мурун көчүп кеткен" дей салды. Мунусу негедир фондду таанып, билип турса да, таанибастыгын айтып, жашыргандай сезим калтырды. Ал эми Абдулла Фалех Жабир айрым маалымат каражаттарына бул окуя кимдир бирөөнүн каралоосу деп атаган. Видеотасмага түшкөн аял экинчи жубайы болорун, аны менен жыныстык катнашын тымызын тартып алып жарыялап жибергендерди жеке жашоосуна киришти деп айыптап, сотко берерин айтып коркуткан.

## "Мектептерге дин сабагын киргизүү маселесин көтөрүү керек"

Ал эми **Кыргызстан Мусулмандар Дин Башкармалыгынын Фатва бөлүмүн адиси Токтогазы уулу Бактияр** бул көйгөйдү чечүү үчүн мектепке дин сабагын киргизүү маселесин көтөрүү керек экенин айтат:



– Шариятта убактылуу нике деген жок. Нике кыйылганда түбөлүктүү, мөөнөтсүз кыйылат. Ал эми убактылуу нике шииттерде гана бар. Азыр ааламдашуу доору болуп тургандыктан, туш тараптан ар кандай адам келип жатат. Биз билбейбиз, балким бул нерсе ошол шииттер аркылуу келди. Бирок, бизде бул маселе боюнча түшүнүк болуш керек. Коомчулук убактылуу нике туура эмес экенин түшүнүп-билип, сезиши керек. Эгерде ал никенин мөөнөтүн чектеп жаткан болсо, бул жөн эле акча табуунун жолу экен билип, токтотуу зарыл. Мурун бизде дин сабагын мектептерге киргизели деген маселе турган. Ошол дин сабагын окуу программасына киргизүү маселесин кайра көтөрүп, жандандыруу керек. Ошондой эле түшүндүрүү иштерин да жүргүзүп туруу керек.

## "Убактылуу нике шариатта сойкулук катары каралат"

**Дин аалымы Чубак ажы Жалилов** убактылуу нике шариатта сойкулук катары караларын төмөнкүчө айтты:

– Убактылуу нике – жубайлардын ортосунда кыйылган никенин жарактуулугун белгилүү бир убакытка чейин белгилеп коюлган нике болуп эсептелинет. Убактылуу нике шариатта сойкулук катары каралат. А шииттерде бул маселе кадимки никедей көрүнүш. Нарында университет куруп жаткан Агахан дагы мына ошол шииттерден бөлүнүп чыккан Исмаилит деген агым болот. Илгерки жоокерчилик заманда, алыскы жортуулдарда жүргөн аскерлерге жеңил болуу максатында убактылуу никеге уруксат берилген деп айтылат. А бирок азыркы учурда транспорт маселеси алдыга илгерилеп, ааламдын бул башынан тиги башына саналуу гана сааттарда жетип калган учурда ал муктаждыкка орун калган жок. Жаш кыздар убактылуу никенин тузагына түшүп калбоосу үчүн ата-энени угуп, илимдүүлөрдөн кеңеш суроосу зарыл, – деди ал.



Ал арада Абдулла Фалех Жабир бардык дооматтарды четке кагып, видеотасмадагы аял экинчи жубайы болорун айтып чыкты. Анткени менен ички иштер министрлиги бул окуяны териштирүүдө. Баса, тергөөчүлөрүбүз Кыргыз Республикасынын мыйзамында "Экинчи никеге уруксат жок" деп бакыя жазылып турганын да унутушпаса. Мойнуна албай, жашыруун никелешип жүрсө го бир жөн. Эми минтип өзү мойнуна алып аткан соң, далил катары карашса болгудай. Бирок, ошол жерден "Бул убактылуу никем болчу" деп балыктай туйлап, колдон суурулганга аракет кылса, анда мыйзам эмне дээр экен? "Биздин мыйзамда бул каралган эмес. Демек жолуң болсун, жубарымбек" деп коё берип жиберсе болду. Бири-бирине шайкеш келбеген жоболор, же көрүп туруп кармай албай калчу кемтиктер кенен эмеспи бул жалгандын мыйзамында...

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# Бала тарбиялоодо адашкан ата-энелер

Бала тарбиясы, деги эле баланын коомго келечекке даяр жана керектүү болуп тарбияланышы, коомдун эң негизги маселелерини бири. Кайсы улут өзүнүн жаш муунун келечекке ылайыктуу кылып тарбиялай алган болсо, кайсы коом өзүнүн жаш муунун улуттук жана дүйнөлүк баалуулуктар менен кошо жуурулуштуруп, дүйнөнүн баалуулуктары менен сугарылган, жат-душманга эмес өзүнө ишенгендей тарбияласа ал улут бактылуу

## Сапаттуу мектеп баарын чечпейт

Мындай муун сөзсүз түрдө эз элинин келечегине кызмат кылып, жүгүн көтөрүп берет. Коомдогу экономикалык, саясий жана социалдык маселелерди негизги себеп катары көрөбүз. Бирок эң башкы себеп адам маселеси экендигин, анын түпкүрүндө адам турганын көрбөй калабыз. Себеби, кандай маселе болбосун, ал адамга байланыштуу. Эгер маселе адамда чечилген болсо, ал маселе чечилген болот. Ал эми адамда маселе чечилбеген болсо, кайсы коомдо болбосун ал маселе чечилбеген болот. Ошондуктан маселелердин чечилүүсүн, түпкүрүн адам факторунан карап, адам факторун биринчи орунга коюп алуу зарыл.

Карап көрсөк, Кыргызстанда балдарын жакшы мектепке, жакшы окуу жайга окутууну, жакшы билим берүүнү эңсеген адамдардын катары көбөйө баштады. Бул жакшылыктын жышааны. Бирок жетишерлик эмес. Ошол эле баласынын татыктуу билим алуусун каалаган ата-эне өз баласынын мугалим болуусун, тарбиячы болуусун каалабайт. Бул контраст. Ушунтип жатып коомдо мугалимдердин, тарбиячылардын аброю, деңгээли түшүп кеткен. Алардын ээлеген орду үчүнчү, бешинчи орунга түшүп калган.

Бала тарбиясындагы 2-нерсе, ата-энелер балдарын эң жакшы, кымбат баалуу билим берүүчү мекемеге берип коюп, «Мына бердим болду, иш бүттү» деген көз караштa болуусу. 24 сааттын канчасын бала ошол мекемеде өткөрүп, канча саат үй-бүлө, жакындары менен болуп атат. Чынында, бала убакытынын 1/3 бөлүгүн ошол мекемеде өткөрсө, калган бөлүктөрүн мекемеден сырткары көчөдө, үйүндө жана башка жактарда өткөрөт. Демек, баланын өсүү процессиндеги күнүмдүк убактысынын ар бир тепкичинде туура багыт берүүчү, туура багытка жетелөөчү факторлор көбөйгөн сайын баланын толук кандуу тарбияланышы оңой.

## Чоң атанын жомогун мультфильм ээледи

Бала тарбиялоо бул өзүнчө искусство. Бала тарбиялоо өзүнчө мээнет, өзүнчө эмгек. Ошондуктан биз башынан эле бул процесстин кыйындыгын түшүнүп, ошого жараша бел байлабасак, татаалдыгын түшүнүп, усталыкты көрсөтө албасак, чоң мүчүлүштүк кетирген болобуз. Баланын тарбияланышында ата-эне, бала бакча, мектеп институту бар. Бирок сөзсүз түрдө көчөдөгү башка улуу адамдардын, аксакалдардын жана сөзү өткөндөрдүн институту да бар. Илгери бул институттардан тышкары чоң ата, чоң эне институту бар эле. Алардын жомок айтуу процесси бар эле. Өздөрүнүн башынан өткөн окуяларын баяндаса өзүнчө бир жомок болор эле. Жомогунун тарбиялык да мааниси зор эле. Азыр алардын баары жок. Глобалдашкан доордо бала билим берүү мекемесине тапшырылды. Ата – эне иштеп аны бакты, болду. Ал эми жеткинчектин күнүмдүк жашоосунун мектептен сырткары убактысы интернет дүйнөсүндө, чексиз, ак-карасы аралашкан маалымат айдыңында, адашып кетүү мүмкүнчүлүгү өтө чоң азгырмалуу чытырман токой ичинде калып калууда. Ушундай доордо ата-эне, чоң ата, чоң эненин ордун, алардын жомок айтуучу тарбия методунун ордун интернет талаасы, мультфильмдер ээлеп калып жатат. Эгер бала ал жерден өзүнө керектүү, же пайдалуу нерселерди тандап, иргеп ала тургандай деңгээлге жетишпесе, жөн гана көрүш үчүн көрбөй, өзүнө керегин алып, керексизин сызып салгыдай деңгээлге келе элек болсо, анда ал ошол жерден адашып кетүүсү толук мүмкүн.

## Уруп-согуу эч бир этикага жатпайт

Бул проблемалардын баарын карай келгенде, ушундай доордо бала тарбиясындагы жоопкерчиликти ата-эне толугу менен мойнуна ала билиш керек. Мойнуна алуу кандай? Мойнуна алуу деген акча топтоп туруп бир мектепке берип коюу эмес. Ал бир гана бөлүгү. Эң башкысы, «Дүйнө кайда баратат? Балам ошонун ичинде адашып кетпейби? Келечеги кандай болот?» деген изденүүдө болушу керек. Азырети Аалы «Балаңарды өз дооруңарга жараша эмес, алар жашаган доорго жараша даярдагыла» дегендей, «Балам жашаган коом кандай болот? Жалпы эле баалуулуктар кандай болот? Ошого жараша даярдайын» деш керек. Демек ата-эне азыркы учурда бала тарбиясы боюнча эч болбосо, 5-6 китеп окушу керек.

Бала тарбиясында адашып калуу мүмкүн. Мен кечээ жакында Герман Грефтин «Бала тарбиялоодогу каталыгымды 15-16 китеп окуганымдан кийин байкадым. Байкаганымдан кийин улуу балама телефон чалып, мен сени татыктуу тарбиялай албапмын, аталык милдетимди аткара албапмын деп кечирим сурадым» деп айтканын уктум. Анын сыңарындай, азыркы тапта деле ар бир ата-эне келечекте балдарынан кечирим сурап калышы мүмкүн. Себеби бала тарбиясына байланыштуу туура деп билген ар бир кадамыбызды ойлонуп, илимдин, окуунун, педагог-психологдордун жазган-эткендеринин негизинде өлчөп иргебесек, балабызга сокку уруп, орду толгус тарбиялык жоготууга учуратып коюшубуз мүмкүн. Бир мисал, кыргызда «Мен деле ушинтип чоңойгом. Ата-энем мени деле ушинтип уруп-согуп эле тарбиялаган» деген түшүнүктүн сиңип калышы. Азыркы эң чоң тарбиялык каталардын бири опузалоо, уруп-согуу менен баланын оңоло тургандыгы тууралуу мифтик түшүнүгү. Бул өтө чоң жоготууларга учуратат. Мыйзамда дагы, этикада дагы, педогогикалык илимде дагы, эч бир динде дагы баланы коркутуп тарбиялоо принциби жок. А биз болсо муну чындыктай, жалгыз гана жолдой кабыл алып, бала тарбиялоодо биринчи ыкма катары элестетип алганбыз. Уруп-согуунун кесепетинен бир муун жоголуп кетүү коркунучунда турганын байкабай келебиз.

«Алтын муун» аналитикалык тобу



# «Алынган илим текке кетпейт»

Гезитибиздин бул санында «Камчыга сап» рубрикасынын каарманы белгилүү шоумен, жаштардын арасыннан суурулуп чыгып келе жаткан көзүндө оту, жүрөгүндө жалыны бар, келечекте кыргыз коомун үмүттөндүргөн Нурсултан Майназаров болду



## Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат

2013-жылы Эл аралык Ататүрк-Ала-Тоо университетинин инженер – менеджер бөлүмүн бүтүргөм. Бирок 2011-жылдан бери КТРКда иштеп келе жатам. Ошол жылы биринчи жолу түз эфирде Анкара-Бишкек телекөпүрөсүн алып баргам.

2012-жылы рейтинги эң жогору болуп турган Европа чемпионаты өткөн. Түз эфирде чемпионат боюнча викторинаны алып барганбыз. 2013-жылы КТРКнын тарыхында алгачкы жолу түнкү саат он экиден кийинки көрсөтүүлөр "Түнкү канал" деген аталыш менен ачылган. Анда түрдүү коноктор менен маектешип, аталган берүүнү 7 айга чейин түз эфирде алып барып жүрдүм. 2014-жылы "Коом жана дин" программасынын алып баруучусу болдум. 2015-2016-жылдагы эки сезондо балдардын "Бирге окуйбуз" долбоорунун 52 берүүсүн алып бардык. Ошентип Кудайдын буйругу менен ушул жаатка буруп калдык.

## Мамлекет менен иштешебиз

Биз командабыз менен иш-чараларды уюштурабыз. Элге өзүм эле белгилүү болгонум менен артымда чоң команда турат. Биз экиүч жаатта кардарлар менен иштешебиз. Кандайдыр бир иш-чараны алып баруу, уюштуруу – биздин негизги ишибиз. Мисалы, жеке адамдар шаан-шөкөтүн өткөрүү үчүн бизге кайрылышат. Ар кандай тойлорду, туулган күндөрдү, юбилейлерди, иш-чараларды өткөрүп беребиз. Кардарларыбыздын суроо-талаптарына жооп берип, бардыгын толугу менен уюштуруп бергенге мүмкүнчүлүгүбүз бар. Ресторанын таап, болгон аналитикасын чыгарып бере алабыз. Ар кандай сунуш-пикирлерди беребиз. Съёмка болсун, декорация болсун, бардык маселесин чечип беребиз. Артисттер менен ар кандай шоулорду уюштурабыз. Кардардын каалаган форматында иш-чара уюштуруп бергенге аракет кылабыз. Ишмердүүлүгүбүздүн экинчи багыты – "Майназаров team" маарекелер жана бизнес иш-чаралар деген багытта иш алып барабыз. Бул жаатта көптөгөн бизнес компаниялар менен кызматташабыз. Үч жылдан бери Жаш ишкерлер ассоциациясынын (ЖИА) мүчөсүбүз. IBC менен да кызматташтыгыбыз бар. Ар кандай компаниялардын иш-чараларын уюштуруп, өткөрүп беребиз. Дүкөндөрдүн, курулуш компанияларынын ачылыштарын өткөрөбүз. Ишмердүүлүгүбүздүн үчүнчү жагы – биз мамлекет менен иштешебиз. Буга чейин кыргыз маданият күндөрүн өткөрүп Кувейтке, Түркияга барып келгенбиз. Кыргыз Өкмөтү менен, Президенттик аппарат менен, Маданият министрлиги менен тыгыз иштешебиз. Расмий иш-чараларды да алып барабыз. Жакында эле бир нече министрдин агрардык сектор боюнча эл менен өткөн жолугушуусунда модератор болуп кызмат кылдым. Бул дагы олуттуу иш-чара болду десем жаңылышпайм.




## Буйрутмага жараша уюштурабыз

Кээде саясий партиялар менен иштешкенге да туура келет. Саясатчылардын атынан сүйлөп жатканда конкреттүү момундай ишти акарып беребиз десем, анда элди алдаган болот элем. Бирок ошол жактагы кишилерди таанып, "Жок булар таза кишилер"деп алардын тазалыгына кепилдик берсем анда башка маселе.

Биздин ишмердүүлүгүбүздүн негизги үч багыты ушундай. Кыргызстандагы болгон артисттер менен, техниктер менен, декораторлор менен, түрдүү чыгармачыл топтор менен кызматташабыз. Биздин негизги максатыбыз ким бизге буйрутма кылса, буйрутма ээсинин оюндагыдай иш-чараны алып баруу деп эсептейбиз. Кандай гана иш-чара болбосун, акчасын аз төлөсө да биз командабыз менен иштейбиз. Мен жалгыз эч нерсени алып бара албайм. Мисалы, "Пегасус" аба компаниясы биринчи келгенде алардын презентациясын алгач биз уюштуруп бергенбиз. "Айчүрөк" аттуу учактын презентациясын да биз уюштурганбыз. Эртең дагы бир жаңы самолет келет. Алардын да ачылышын өткөрүп беребиз. Ушуга окшогон көптөгөн иш-чараларыбыз бар. Үч жылдан бери Кыргызстанда Анталиянын отелдеринин презентациясын өткөрүп келе жатабыз. Анталиянын туроператорлору бул жердеги бардык турагентстволорду чогултушат. Аларга атайын шоу даярдап беребиз. Ичинде презентациялары да болот. Аларга кызматташуунун жолдорун түшүндүрүү менен көңүл ачуучу прогарммасын дагы алып барып беребиз. Бизге ишенген аябай жакшы, туруктуу кардарларыбыз бар.

## Ичкиликсиз тойлор көбөйдү

Мени сүйүндүргөнү элибиздин ичкиликти азайтканы болду. Ичкиликсиз тойлордун көбөйгөнү көңүл жубатарлык. Көрсө, мурда элдер так ушул шоулор, кызыктуу оюндар жок болгон үчүн ичимдик ичишчү экен. Мисалы, тойлордо бири-бирине сөз берип, анан сөз алган киши ырдап, же бийлеп башкалардын көңүлүн көтөргөнгө аракет кылчу. А аны болсо ичкиликсиз жасоо кыйын сезилчү. Азыр алардын ордуна, ырчылар, артисттер, тамада оюн-зоок уюштуруп, ырдап берет. Алар каалоотилегин айтып, белегин берип эле отурат. Ошону менен тойлор ичимдиксиз эле укмуш көңүлдүү жана эң негизгиси, мурунку арак-шараптуу тойлорго караганда уруш-талашсыз, чыр-чатаксыз өтүп калды. Тойдун кантип башталып, кантип бүтүп калганы байкалбай калды деген учурлар болуп жатат. Элдер шоу программаны сатканды, сатып алганды үйрөндү. Мурдагыга салыштырмалуу өзгөчө номерлер көбөйдү. Учурда чоң тойлор азайганы да байкалат. Мурун той ээлери 500 киши чакырышса, азыр коноктордун санын азайта баштаашты. Мунун ар кандай себептери болсо керек.

## Кээ бири "келди" деш үчүн отурат

Чынын айтыш керек. Тойлордо өкүнүчтүү жагдайлар да бар. Коррупциялык схемаларды байкаса болот. Азыр адамдардын мамилеси материалдык пайдага негизделип калгандай. Себеби жакшылык ээлерине ар бирибиз конвертке 100 доллар салып бергенге мүмкүнчүлүгүбүз жок. Ошондон улам эл катышын кыскарта баштады. Ким менен гана алаcа-бересеси болсо, тойго ошолор гана келип калгандай. Ресторандын бааларынын көтөрүлүшү да буга бир себеп болсо керек. Кээ бир адамдар тойдо отметка үчүн отурат. "Булар бизге акча берген, биз да булардыкын кайтарышыбыз керек" деген тариздe келишет. Эптеп конвертти бергенге чейин отуруш керек.

## Инженерликтин пайдасы бар

Окулган бир да китеп, алынган илим эч качан текке кетпейт. Биринчи кесиптеги көндүмдөрдү азыркы ишибизде сөзсүз колдонобуз. Өзгөчө үйлөнүү индустриясында мунун кереги аябай тиет. Убакытты болжолдоо боюнча, тейлөө боюнча баарына программа түзүп беребиз. Номерлерди, шоуларды дароо көрсөтөбүз. Бир нече вариант сценарийлерди сунуштайбыз.

## Саясатчылардын көбү чийки

Азыр мен саясатчыларды көрүп атам. Саясий компанияларда иштешип жатабыз. Ошондон улам көптөгөн саясий партияларды чийки, бышып жетиле элек деп тартынбай айта алам. Болгону арасында бир канча гана лөктөрү бар. Команда катары бир пикирдеги, бир идеядагы партияны жолуктура элекмин. Сөз баккан киши катары көп учурда эл алдында сүйлөп жаткан адамдардын тексттерин иргеп калат экенсиң. Көпчүлүгү эмнени сүйлөп жатканын аңдабагандай. Иши кылып билимдикке келиштин аргасында текстинин идеялык мазмунун түшүнбөй сүйлөп коюшат. Эл мындай кандидаттардын эмне деп сүйлөп жатканын түшүнбөйт. Саясатта алардын атайын даярдыктары байкалбайт. Ыкластуулугу көрүнбөйт.

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ



# Казак ханынын булуту

2010-жылкы ыңкылаптан алсырап турган кыргызды казактын кээ бир акылы тайкы төкмөлөрү табалаган. Ызаланган Аалы агабыз «Биздин үстүбүздөгү сур булут казакты көздөй баратат» деп жооп кылган. Боорлорубузду сур булут капташын акыл-эси ордунда болгон бир да адам каалабайт. Бирок тууганыбыз чын эле айры жолдо тургансыйт



## Себептердин тогошуусу: Психологиялык

Мамлекетке, жалпы улутка тиешелүү окуялар кокустан болуп кетпейт. Анын аркасында сөзсүз себеп-натыйжа чынжырчасы бар. Ички жана сырткы себептер дал келип калганда мамлекеттин тагдырына таасир берген окуялар чыгат. Кыргызстандагы эки ыңкылап да себептердин тогошуусунан пайда болгон. Серепчилердин баары бирдей белгилеп жаткан себеби – психологиялык чарчоо. Казакстан президентинин 30 жылдан ашык тизгинди эч кимге бербегени – кандай айкөл эл, алтындай башкаруу болсо да тажоо сезимин пайда кылат. Айрыкча, азыркыдай тез кубулуп турган дүйнөдө эл бат чарчайт. Нураке өз өлкөсүн ушундай эле мөөнөттө укмуштай жогорулаткан сингапурлук Ли Куан Юдай, же малайзиялык Махатхир Мохаммеддей болбогондугу белгилүү. Анткени менен алар деле акыры ээрден түшкөн.

## Экономикалык

Дүйнөнүн бардык элдердин ой жүгүртүүсү прагматикалык болуп калды. Баары: «Бул чечим менин чөнтөгүмө кандай таасир берет?» деп ойлонот. Мурункудай идеяларды ээрчиген тайпа барган сайын азаюуда. Ошондуктан жалпы элге экономикалык себептер эң күчтүү таасир бере баштады. Коңшубуз акыркы экономикалык кризистен эң катуу жабыркаган өлкөлөрдөн. Себеби мунай-газ арзандап кетти. Андан сырткары, Орусияга Батыш тараптан салынган экономикалык санкциялар Казакстанга да күчтүү таасирин тийгизди. Ушул эки чоң себептен улам казак теңгесинин куну 2-3 эсеге түшүп кетти. Бул ар бир казакстандыктын кирешеси ошончо азайды дегендик. Азык-түлүктүн кымбаттоосу карапайым элге экинчи жактан урулган катуу сокку болду. Көптөн-көп үмүттөндүргөн Евразиялык экономикалык биримдик да элди күткөндөй жыргатып ийген жок. Мунун баары казак коомун экономикалык кризиске кептеди. Сырттан карагандарга эч кандай кризис жоктой көрүнөт. Бирок абалды Кыргызстан же Африка менен салыштырбаш керек. Өлкөнүн мурунку жана учурдагы абалын колго алуу зарыл. Эгер мурунку жашоосуна караганда азыр кыйынырак болсо, элде чочуу пайда болот. Ошол эле Европа менен Америкада бензин долларга эмес, бир нече центке жогорулаcа, эл кадимкидей тынчсыздана баштайт.

## Бакубаттуулук ажырымы

Казакстанда байлар менен орто жана ортодон ылдый кирешеси бар адамдардын арасындагы ажырым өтө чоң. Советтер Союзу таралгандан кийин газ менен мунайга ээлик кылган эпчилдер аз. Элдин басымдуу көпчүлүгү жакырчылык чегине жакын жашайт. Тарых менен экономиканы изилдеген теоретиктер байлык бийликтеги бир ууч адамдын колунда болсо, ыңкылап убакытты гана маселеси экенин далилдешкен. Себеби бул арам байлык кантип жыйналганын жакшы билген башка топ сөзсүз пайда болот да, бийликти алганга аракет кылат. Бул жумада Казакстанда капаска солонгон, «альтернативдүү өкмөт» түзөбүз дегендердин көбү «мурунку» статусуна итерилген жогорку мамлекеттик чиновниктер болуп чыккан.

## Арам кекиртектик

Паракордук тегерегиндеги өлкөлөрдө ондуктар менен эсептелсе, Казакстанда жүздүктөр, миңдиктер менен эсептелип калды. Коррупциянын мынчалык деңгээлге чыкканын эл сезип, өздөрүнүн жалпыга маалымдоо каражаттары жазып атат. Ошол эле "Астана ЭКСПО-2017" сыяктуу мегадолбоорлордо миллиарддаган арам кекиртектик болгону баарына маалым. Бир-эки ай мурун арам жолдор менен уурдалган каражаттар катылган Панама эсептери дүң болду. Ошол байлыгын жашырган тизмеде казак эли ишеним арткан адамдардын да аты ашкереленген.

## Ашкере улутчулдук

Ар бир жаңы калыптанып келе жаткан мамлекет катары Казакстанда да улутчулдук сезимдер күч. Муну биздин мамлекетте да байкаса болот. Мейли сырттан көрүнүш болсун, мейли улуттук байлыкка тиешелүү маселе болсун, айтор, улутчулдук жарышы кадимкидей байкалып турат. Казакстанда жакында башка өлкөнүн жарандарына жер бир нече жылга берилет деген мыйзам тымызын түтөп жаткан улутчулдукту тутандырды.

## Сырткы факторлор: Кытай

Казакстандын жогоруда айтылган талуу жерлерин ким колдонуп кетиши мүмкүн деген суроо азыр аналитиктердин башын оорутуп турган чагы. Серепчилер үчүнчү күч өлкөдөгү кырдаалды пайдаланат деген пикирде. Чөлкөмдөгү үч чоң күч албетте Кытай, Орусия жана АКШ баш болгон Батыш. Казакстандагы наразычылык жана толкундоолорду күчөтүү Кытайга эч кандай кереги жок экенин түшүнөбүз. Себеби ал Казакстанга миллиарддаган долларын жумшап келет. Бул келишимдер азыркы казак элитасы менен түзүлгөндүктөн, кытайлар үчүн жаңы элита алып келем деп чыгым болуунун кереги жок. Кытайды ооздуктап турган экинчи себеп, анын казак менен чектешкен Чыгыш Түркстан аймагы. Ансыз деле тынч албай турган бул регион казак тараптан келген чок аркылуу бат эле тутанып кетиши мүмкүн. Бул регионалдык тондон чыгып, дүйнөлүк державага айланайын деп ниеттенген Кытайга эч кереги жок. Кытай өзүнүн миң жылдарды камтыган тарыхында калкынын көптүгүнө негизделген «жумшак күч» менен кеңейүүнү максат кылган мамлекет.

## Америка Кошмо Штаттары

Башкаруусу базар экономикасына, демократияга негизделген АКШ да салыштырмалуу узун мөөнөткө болжонгон саясат жүргүзөт. Ал Борбор Азия жана Казакстан байлыгын байма-бай пайдалануу максатында өзүнүкүнө окшогон режимдердин орноосуна кызыкдар. Аба, темир жол, же деңиз менен кеткен жолдордун туруктуу иштеши үчүн эркин мамлекеттердин кызматташуусун колдойт. Башаламандыкта базар экономикасынын өнүгүүсү, демократиялык башкаруунун орноосу күмөн. Нурсултан Назарбаевдин жерге байланыштуу толкууларга чейинки саякаттары анын Батыш демократиясы тарапка ыктаганын көрсөткөн. Ал АКШда өткөн БУУнун саммитине барып, Батышты кызыктырган маанилүү сөздөрдү айтты. Аскердик серепчилердин айтуусу боюнча азырынча көмүскөдө турган эң маанилүү себеп бар. Алардын айтымында, казактар курал-жарагын, аскердик техникасын жаңыртуу ниетинде көп өлкөлөрдү кыдырып көрүп, эң алдыңкы технология жана колдонуу жагынан эң бышык, эң ыңгайлуу деп америкалык аскердик өндүрүмдү жактырып, алар менен көп суммалык келишимдерге кол койгон. Назарбаев Казакстанды келечекте алдыга сүрөй турган кадрларды да Батыштын алдыңкы окуу жайларында окутууда. Мамлекеттик ири корпорацияларды да батыштык башкаруучулардан жалдап бутуна тургузуп атат. Жалпысынан, Казакстандын бардык тарабында жаңылануу аракеттери батыштык моделдерге жана баалуулуктарга ыкташып бара жатканын байкайбыз.


> «Өлкө байлыгынын көбү бийликтеги бир ууч адамдын колунда болсо, ыңкылап убакыттын гана маселеси»

## Орусия

Казакстандагы тополоңдорду өзүнүн кызыкчылыгына пайдаланып кете алчу өлкөлөрдүн башында Орусия келет дейт серепчилер. Бул өлкөнүн ЖМКларын, геосаясий серепчилеринин жана оозу бош саясатчыларынын айтканын уксак буга ынанабыз. Бул жумада Федерация Кеңешинин төрайымы Валентина Матвиенко «Орус мекендештерди басмырлоо күч, Орусия буга көз жума албайт» деген маанидеги оюн ортого салды. Удаама-удаа айтылган мындай пикирлер орус коомчулугунун шовинисттик сезимдерине май бүркүп, башкаруучуларынын кемчиликтеринен алагды кылып келет. Бул Орусиянын расмий саясаты болбосо да, анын элиталарынын арасынан орун алган кээ бир топтордун Казакстандагы толкуулардан пайдаланайын деген ниетте болуусу мүмкүн. Бул топтордун оюндары Орусиянын өзүнө чоң залака алып келет. Себеби Казакстандын Орусия менен чектешкен аймактарында орустар көп болгондой эле, Орусиянын Казакстан менен чектешкен жерлеринде да казактар элдин бир топ пайызын түзөт. Ошондуктан Казакстанда атайын тутандырылган от Орусияны каптап кетүүсү толук ыктымал. Казакстандын жана Борбордук Азия мамлекеттеринин талуу жери – коопсуздук кызматы менен аскердик кадрлары. Алардын басымдуу көпчүлүгү Орусиянын окуу жайларында окуп, орус менталитетине сугарылган. Казакстандын Актөбөсүндөгү 30га жакын адамдын бир убакта чыгып, куралданып, аскердик базага кол салууга аракет кылуусу көптөгөн суроолорду пайда кылган. Эң биринчи кезекте «Бул окуя өлкөнүн коопсуздук кызматынын көз жаздымында калуусу мүмкүн эмес» деген ой жорумдар басымдуулук кылат. Бизде дымагы күч «Элдик парламент» деген топтун аркасында орусиялык генералдардын кызыкчылыгы көрүнгөнү коомчулукка маалым. Демек Казакстандын да, биздин да саясий эрк ушул тарапты жакшы көзөмөлдөөсү керек экени айтпаса да түшүнүктүү болуп бараткансыйт.

Сарсеп гезитинин аналитикалык тобу

# Мохаммед Алинин өзгөчөлүгү



3-июнда жалган дүйнөдөн узаган Мохаммед Али бокс тарыхында эң атактуу мушкер болчу. Ал бокс гана эмес, жалпы заманбап спортко чоң салым кошкон. Ал бийик аброю, курч акылы жана өткүр чечендиги менен Адам деген наамдын улуктугун өмүрү бою далилдеп өттү.

Анын 1960-жылы өткөн XVII Жайкы Олимпиададагы оор салмактагы чемпиондугу эмес, ал жеңишке ойноп-күлүп жеткендиги таң калтырган. Али финалдык беттешүүдө каршылашы поляк Збышек Петшиковскийди көчөдөн келген тестиерди төпөштөгөндөй эле сулаткан.

Жараткан менен жеке өзүнүн мамилесине эч кимди аралаштыргысы келбеген Мохаммед 1964-жылы Исламды кабыл алып, Кассиус Клей деген атынан баш тарткан. Вьетнам согушу маалында АКШ армиясына кызмат өтөөдөн баш тарткандыктан үч жыл спорттон четтетилген. Бирок спортко кайтып келери менен мушкерликке берилген бардык чемпиондукту кыска мөөнөттө кайтарып алган. 1974-жылы «Кылымдын спортчусу» наамына татыктуу болгон Мохаммед мушкерлигин аяктаган соң 1990-жылы анын аты бокстун дүйнөлүк залына катталган. Бокс менен кош айтышкандан кийин ал 2008-жылга чейин Бириккен Улуттар Уюмунун балдарга жардам берүү фондунун элчиси катары коомдук жана кайрымдуулук иштер менен алек болгон. Ал спорттон небак кеткенине карабай, 2008-жылы жүргүзүлгөн сурамжылоодо американыктардын 97%ы аны тааныган.


Мохаммед Али спортчулардын маянасын арттырууга бирден-бир себеп болгон адам. Ага чейин спортчуларга, анын ичинде мушкерлерге арзыбаган акча берилип келген. Мохаммед Жорж Форман менен урушканы үчүн эле 5,5 млн. доллар алган. Бул ага чейинки Демпси, Марчиано жана Луис аттуу үч эң атактуу мушкердин өмүр бою тапкан акчасын бириктирсе да ашып кетет.

Мохаммед Али жашы өткөндө мушташуу ыкмасын түп тамырынан өзгөртүп, жеңишке жетүүсүн уланта берген бирден-бир боксчу. Жаш кезинде бутунун учу менен тез кыймылдаган Али, жашы өткөндө колу менен коргонууну эң жакшы өздөштүргөн мушкер болуп чыга келген.

Мохаммед дүйнөлүк даражадагы 61 беттешүү кылып, 56сын жеңген. 37 мушташта каршылашын жерге сулатып, мөөнөттөн мурун уткан. Али беш жолу эң мыкты мушкер деген наамды алган. Ал чемпиондук наамды эки жолу кайтарып алган оор салмактагы алгачкы боксчу.

Паркинсон илдетине чалдыкканына карабай, Мохаммед Атлантадагы Олимпиаданы ачкан, бир нече кайрымдуулук фонддору менен иштешип, телешоуларга баймa-бай катышып келген. Ал тирүү кезинде бүткүл адамзаттын көңүлүн бура алгандай эле, өлүмү да дүйнөнү капилеттик уйкудан ойготту. Ыйманың саламат болсун, Мохаммед Али!

# Командасы үчүн эң көп гол киргизген Евро-2016нын катышуучулары



Улуттук курама командалары үчүн эң көп гол киргизгендердин алдында биз тааныган Криштиану Роналду же Златан Ибрагимович эмес. Евро-2016-га аттанган спортчулардын өлкөсүнүн командасына жан тарткандардын тизмеси төмөнкүдөй:

**1. Робби Кин**, 67 гол. «Лос-Анжелес Гэлаксинин» чабуулчусу, 35 жаштагы Робби Кин Ирландиянын чемпионаттарына 1998-жылдан бери катышып, 143 беттешүүдө 67 гол урган:

**2. Златан Ибрагимович**, 62 гол. Златан Шведдик курама командага 2001-жылы кирип, 112 матчта 62 гол киргизген.

**3. Криштиану Роналду**, 56 гол. Криштиану Роналду Португалиянын тарыхындагы эң көзгө атар мергени. 31 жаштан чабуулчу болуп, 2003-жылдан бери 125 таймашта 56 гол тепкен.

**4. Уэйн Руни**, 52 гол. Орусиянын курамасы менен эң биринчи беттешчү англис командасынын эң алдыңкы голчусу 30 жаштагы Уэйн Руни улуттук команда үчүн 2003-жылдан берки 111 оюнда 52 гол киргизген.

**5. Лукаш Подольски**, 48 гол. Польшада туулган Подольски Германиянын эң мыкты голчусу. Ал 2004-жылдан бери 127 беттешүүдө 48 гол урганга жетишкен.

**6. Роберт Левандовски**, 34 гол. 27 жаштагы Левандовски немистердин курамасында 2008-жылдан бери ойнойт. Ал 76 матчта 34 топ урган.

**7. Томас Мюллер**, 31 гол. Германиянын 2010-жылдан берки оюнчусу 26 жаштагы Томас Мюллер 70 оюнда курамасы үчүн 31 гол киргизген.



# Азия көчөсүндө үчүнчүбүз

Жакында Гонконгдо өткөн көчө футболу боюнча Азия чемпионатында Кыргызстандын курама тобу коло медалдарды утуп алды. Курамабыз Борбор Азиядан барган жалгыз команда болгон. Гран-прини Орусиянын курамасы утуп алган. Биринчи орунду Египет командасы, экинчини Макаонун курамасы утуп алышкан. Биздин топтун капитаны Каныбек Сарымсаковдун айтымында эң оор оюн Макао командасы менен беттешкенде болгон. 3:3 менен кетип бара жаткан оюндун акыркы мүнөттөрүндө гол жеп утулуп калганбыз. Бирок күчтүү делген Гонконгду 13:3кө жана Түштүк Кореяны 5:2ге утуп алганбыз.

Көчө футболунда аут жок болгондуктан дубал менен пасташып ойноого болот. Көчө футболунун федерациясы 2007-жылы түзүлүп, 2013-жылы расмий каттодон өткөн. Футболдун бул түрү боюнча аялзатынын командасы бул жылдын июль айында Глазгого барат. Көчө оюнчуларын «Абдыш-Ата» компаниясы колдоп келет.



# «Элдер достугу» кубогу биздики!

Орусиянын Петрозаводск шаарында улуттук бирикмелер арасында ойнолгон турнирде Кыргызстандык мини-футболчулардын курама командасы биринчи орунду багындырган.

Орусиянын Карелия, Санкт-Петербург, Ленинград облусу, Мордовия, Рязан облусунан жана Белорусиядан келген оюнчулар эки күндө 24 беттешүү өткөргөн. Финалдык оюндар «Спартак» стадионунда өткөн.

Үчүнчү орунга Белорусия менен татар диаспорасы түзгөн «Зиланд» командалары беттешип, негизги убакыт 0:0 менен аякталган. Матчтан кийинки пенальтиде татарлар 3:2 эсеби менен уткан.

Финалга кыргыз командасына каршы Карелиянын «Русичи» тобу ойноп, кыкеңдер 2:0 менен орустарды багындырган. Кубокту утуп алган тобубуз буга чейинки беттешүүдө Иорданиянын командасын 7:0 эсебинде таш-талканын чыгарган.

## Кыргызстанда жакында



12-июнда Бишкекте сууга түшүү сезонуна арналган веложүрүш болот. Ал Жибек-Жолу көчөсү менен Эркиндик бульварынан саат 10:00до аттанып, Ала-Арча суу сактагычында аяктайт жана ал жерде пикник, сууга түшүү менен бүтөт.

# Поэтесса, чебер уз – Сагын Орозонова

**Адабият рубрикабыздын бүгүнкү чыгарылышында поэтесса, чебер уз, билим берүү тармагында көптөгөн жылдар бою эмгектенип, мекенине эмгеги сиңген көптөгөн уул-кыздарга билим-тарбия берип учурган апабыз Сагын Орозонованын чыгармачылыгы тууралуу кеп кылмакчыбыз**

“Согуштун каардуу жылдарынан кийин совет мамлекетинин чексиз мейкининде эл турмушу кадимкидей оңолуп калган кезде төрөлгөм” деп сөзүн баштады Сагын апабыз. “Атам согуштан аман–эсен кайтканы менен, үйгө өтө оор жарадар абалда көтөрүп келишкен экен. Чоң энем жаратылышынан колу эмдүү, табып киши эле. Төрөй албаган, ичинен баласы өлүп калган келиндерге кадимкидей операция жасап төрөткөн. Чоң энем атамды оор абалдан жыл айлантпай чыгарган экен. Кадимкидей атка минип, эл чарбачылыгына кызмат кылганга жарап, жылкы ферма болуп иштеген. Көп жылдар бою балалуу болбой жүрүп көргөн кызы мен экем. Ошол себептүү атымды Сагын коюшкан. Эс тарткан кезимен алыскы Тоңдун Көк-Секи деген жайлоосунда жайдын саратандуу түндөрүндө чоң атамдын тонуна оронуп, улуулардын



нускалуу кептерин угуп чоңойгом. Ата–энемдин чексиз камкордугуна, мээримине, тарбиясына чексиз ыраазымын”, – деп балалык курагын эскерет Сагын Орозоновна.

Дээринен куйма кулак, сезимтал чоңойду. Аксакалдардын санжыргалуу сөздөрүнө маани берип, энелердин кол ишин тестиер кезинен өздөштүрдү. Сайманын түрүн сайып, кездеме болсо бычып, модалуу кийимдерди тигип жибергенге да маш болду. Кичинекей кыздын мынчалык шыктуулугу көпчүлүктү таң калтырбай койгон жок. Көк-Секи жайлоосу акындын чыгармачылыгынын жаралышына шык берген кереметтүү жайлоо болгон.

Бул тууралуу “Көк-секи” аттуу ырында:

*Мен келдим сага Көк-Секи,*
*Булагың болуп төгүлүп.*
*Сай-сайлап агып сагынчым,*
*Селиңе жүрөк чөмүлүп.*
*Атакем маек курган дөң,*
*Абайлап келип көрөйүн.*
*Энекем үйүн чечкен журт*
*Издери кайда көрөйүн.*
*Чөгөлөп сага жалынып,*
*Чөбүңдү жыттап өбөйүн.*
*Батырбай толгон сезимди,*
*Бакыттын жашы төгүлдү.*
*Бала кез өткөн Көк-Секи,*
*Баарынан кымбат көрүндү.*

Сагын Орозонова Мекенине күйгөн патриот акын катары да граждандык–патриоттук маанайдагы ырларды, адамдын ички сезим билдирген күчтүү лирикалык ырлардын дагы автору. Акын апабыздын чыгармачылыгы тууралуу сөз кыла берсек, сөз учугу түгөнчүдөй эмес. Эмесе ылайыгына карап поэтессанын төмөнкү ырларын окурман журтчулугуна сунуштайбыз.

### Сен кыргыздын асыл баласы

*Балапан курак бой тартып,*
*Жетилип барат карачы.*
*Жөнүңдү билип, эстүү өс,*
*Сен, кыргыздын асыл баласы.*
*Кылымдар бою өксүтпөй,*
*Өзөгүн сактап келген эл.*
*Жеткилең каада-салт күтүп,*
*Кастарлап кары баккан эл*
*Жүзүнөн ыйман төгүлүп,*
*Мекенин сүйүп берилип.*
*Эл-журтун көргөн жанындай,*
*Бабасы Манас дедиртип.*
*Тумардай туусун сактаган,*
*Шумкардай уулун таптаган.*
*Намысы бийик, эрки бек,*
*Сен кыргыздын асыл баласы.*
*Көзүңдү ачып эс жыйып,*
*Айланаңды карачы.*
*Элиңдин ыйык салтынын*
*Канчасы сенде саначы.*
*Улуусун кичүү сыйлаган,*
*Баркыңды сакта кыргызым.*
*Дүйнөнүн элин суктанткан,*
*Салтыңды сакта кыргызым.*
*Мухиттей “Манас” жараткан,*
*Тилинди сакта кыргызым.*
*Сезимтал, зирек, акылгөй,*
*Диниңди сакта кыргызым.*

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

# Боордоштор

*(аңгеме)*

***(уландысы)***

Бирок, анын оюу бул жолу да ишке ашкан жок. Балдардын биринен сала бири ызылдап ыйлаганын угуп калганбы, айтор ачык турган эшиктен эки киши баш багып калды. Анын бири мындагы болуп жаткан окуяны дароо түшүндү окшойт. Аттап-буттап чуркап келип аялдын чыбык кармаган колун толгой кармаганча ортого кирди. Ага улай эле экинчиси жетип келди. Ал өзүн карай урулуп келаткан чыбыктан башын калкалай калып чыркырап жиберген балага чуркап жетип тизелей отуруп бооруна басты. Жанагы аялдын колун бурдай кармаганы башындагы калпагы түшүп кеткенине карабай эңгезердей катынды нары түртүп салып кыйкырып берди.

- Тарт колуңду! Тийбе балдарга! Ансыз да жүрөгү ооруп турган немелерди урууга кантип дитиң барды я! Жаштайынан ападан айрылган жетимдерди кантип уруп атасың?! Сени буларды урсун деп жумушка алышты беле? Апа ордуна апа болсун деп берилбеди беле ушулар сага. Ушубу силердин апа болгонуңар?! Ушубу силердин тарбия?! Булардын күнөөсү эмне деги, айткылачы?! Байкуш жетимдерде эмне кегиңер бар силердин?! Эне ордуна эне көргөнү үчүн күнөөлүүбү эмне?!



Чынында бул кишилер жетимканага келээри менен эле ушундай ызы-чуунун үстүнөн чыгабыз деп такыр ойлогон эмес. Тек гана бул үйдүн абалын көрүп, керек-жарагы болсо колубуздан келишинче кайрымдуулук кылалы деп капыстан келип калышкан. Ошону менен булардын кыйкырыгы бир далай жерге чейин угулуп, бир заматта опурап-топурап кишилер чогулду. Анан эле бирөөсү бирөөсүн урушуп, бирөөсү бирөөсүнөн кечирим сурап бышактап отуруп, акыры баары тең сыртка чыгып кетишти.

Алардын кетиши менен бөлмөдө бир саам жымжырттык өкүм сүрдү.

Бир маалда тээ түпкү бурчта турган кыз эсине келе калгандай чуркап келип алайып коркуп турган баланы бооруна басты. Андан кийин Асел да жакындап келди. Ал жанагы аялдын колунан түшүп калган китепти жерден алып барактап карай баштады.

- Аскар, булар сенин апаң менен атаң го э? Сен сүрөттү аябай жакшы тартат экенсиң. Кудай буюрса чоңойгондо чоң сүрөтчү болгудайсың. Карачы кандай сонун тартылган! – деп суктанды ал.

Аскар жаак ылдый агып турган жашын аарчыганча оор улутунуп алып:

- Жок, мен чоңойгондо сүрөтчү болбойм. Мен чоңойгондо бизге окшогон атасы жок, апасы жок балдарга ата болом, - деди.

Анын сөзүнө таасирлене түшкөн Айзат менен Асел Аскарды эки жактан кучактап бетинен өпкүлөп жиберишти.

- Ооба Аскар. Сен чоңойгондо эң жакшы ата болосуң. Болгондо да аябай боорукер, аябай жакшы, анан аябай кыйын сүрөтчү ата болосуң макулбу.

Бала болсо дагы эле макул болбогондой башын чайкады.

- Жок мен корком. Сүрөт тартсам апалар бизди урат экен. Мен экинчи тартпайм, - деди ал жанагыдай эле улутунуп.

- Коркпо Аскартай. Эч качан коркпо. Биз сени эми эч кимге урдурбайбыз, - деди Асел анын жакасын оңдоп жатып.

- Ооба Аскар. Коркпо. Биз эми сага эч кимди тийгизбейбиз. Анткени биз бир тууганбыз. Биз үчөөбүз мындан нары бир тууган болобуз.

Анткени менен бул сөз бир гана Аскарга эмес өздөрүн улуу сезип турган берки экөөнө да дем берип, жүрөктөрүнө кандайдыр жылуулук тартуулап кеткендей болду. Ооба, бешиктен бели чыга элек жатып ата-энеден, тууган-уруктан ажырап, таптакыр жат адамдардын арасында калган үч жетимге бир тууганбыз деген сөздүн өзү дагы укмуштуудай чоң жылуулук тартуулады. Ошентип, мындан бир канча ай гана мурун бири-бирин такыр таанproblemыбаган, бирибирин үч уктаса түшүндө көрбөгөн үч жетим ошол күндөн тартып бир тууганга, болгондо да бир уядан чыккан уялаштардан да ынак, жан кыйышпас бир туугандарга айланып чыга келишти. Болушаар атасы жок, эркелетээр энеси жок туруп, бир сындырымды тең бөлүшкөн боордошторго айланышты.

***(аягы)***

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

# Үйлөнүү тойго чакырык




Бир жигит досторунун көптүгү менен сыймыктанчу. Убакыт-сааты жетип үйлөнө турган кези да келди. Өмүрлүк түгөй боло турган өзүнө жаккан кыз да табылды. Үйлөндү. Эч нерседен кем кылбай баккан уулу көп нерседен капарсыз чоңоюп, бул ишти катардагы эле көрүп, тойду уюштуруу иштери менен дегеле иши жоктой. Адатынча достору менен шапар тээп, атасы менен энеси үйлөнгөнсүп, болор-болбос иштер менен алек. Келинчегин үйгө калтырып коюп кайда жүргөнү белгисиз. Мындайда жаңы үйлөнгөн жубайлар бири-бирин көргөнгө ашыгып жүрөктөрү элеп-желеп болуп турса, бул жигитте мындай сезим дээрлик жокко эсе. Үйүнө кеч келип, анысы аз келгенсип, бирдемеден жута келип, керебетине жетпей эшиктин алдынан бүк түшөт. Ошол көчөдөгү бекерпоз бирге өскөн достору эле болсо, бул дүйнө ага түгөл сезилет. Байкуш атасы кудаларга барганда ачуу басарын, башатын, андан сырткары, 100 000 сом акча берип кыздын ата-энесинин алдынан өтүп, ыраазычылыгын алып келди. Ата-энелер жолугуп сүйлөшүп, бири-бирин жактырып, той боло турган күндү да болжошуп алышты. Кыз алып жаткандан кийин жигит тарап тойдун камылгасын өздөрү көтөрөт да. Эми көпчүлүктөн бата алайын деп айылдан шаарга келип, эң кымбат деген ресторандардын бирине үйлөнүү үлпөтүн өткөрүп бермей болду. Үй бүлөлүк каражат чектелүү болгондон кийин атасы элден намыстанып, айылдаш колунда бар адамдан карызга үч жүз миң сом акча алды. "Той берсек, элден келген акча менен жабылып кетет" деп ичинен ниет кылып турду. Тойго келе турган адамдардын санын ала баштады. Кимдерге канча өткөргөнүн, кимден канча алганын эсептеди. Эң акырында эси жок уулунун дос-журосунун санын алды. ЦУМдун алдынан чакыруу баракчаларын сатып алып, тиешелүү адресаттарга четинен жөнөтө баштады. Уулунун досторун сынамакчы болгон ата чакыруу баракчаларынын ичине ар бириң беш миң сомдон кошумча ала келгиле деп жазып, атайы чоң конверттерге салып уулунан берип жиберди. Ошентип той боло турган күн да келип, Бишкектин чок ортосундагы заңгыраган тойканага эл агылып келе баштады. Атасы бардыгын атайы даярдалган орундарга жайгаштыра баштады. Тойго келаткан элдин баарынын маанайы майрамдагыдай болуп, чачтарын жасалгалаган келин-кыздар, ак сакалын жайкалткан аталар, балпайган байбилер, кары дебей, жаш дебей имараттын ичине жык толду. Бир гана берки четте турган үстү толо дүйүмдөргө толуп ийилейин деп турган дасторкондогу орундуктар бош турду. Ал аңгыча микрофонун көтөрүп эрке бала тойду баштап жиберди. Баарынын көңүлү көтөрүңкү болгону менен, негедир уулунун тынчы кетип, көчө жакты көздөй эле улам чуркап чыгып, кайра кирип жатты.

– Оой, уулум, сен эмне кыжаалат болуп жатасың. Келинчегиңдин жанына барсаңчы. Элден уят эмеспи алдагинтип турганың, – деди атасы.

– Ата, менин досторум кечигип жатат. Ушундай да болмок беле. Чакыруу каттарын жеке өзүм колдоруна тапшырбадым беле. Бул кылгандары туурабы эми, – деп дале да болсо сырт жакты үмүттүү көздөрү менен карап жатты. Бирок достору көрүнбөдү...

– Ээ, уулум, келинчегиңдин жанына бар. "Жамандын досу көп, жанына пайдасы жок" деген ушул. Мен досторуңду сынагам. Калганын анан сүйлөшөбүз, – деди атасы. Ал аңгыча эрке баланын кыз-куйөөнү чакырган заңкылдаган үнү залды жаңыртып жиберди. Досторунан көңүлү калган күйөө музыканын коштоосунда жар-жар айткан ырчынын жетегинде ар бир столдон бата сурап, жүгүнүп баратты...

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ



# Кайгы жана кубанычтар

Бир адам бул дүйнөдө өмүр бою жашоосуна наалып, аны ар дайым тирүүлүктүн азабы коштоп жүргөнүн ар кимге айтып, арыз-муң кылчу экен. Ал турмушундагы ар бир жагымсыз окуяны, жетишпестигин күн-түнү санап бергенден эринчү эмес.

"Кайсы бир күнү Жараткандын алдында эсеп берер күнүм келет чыгар. Менден:

"Кана пендем, Жалган дүйнөдөгү азап-тозогуң жөнүндө айтып берчи. Мен сага Сенин көргөн азап-тозогуңа жараша бейиштин төрүн даярдап койдум", – деп айтат болуш керек. Ошон үчүн мен бул дүйнөтө тарткан кыйынчылыктарымдын баарын атайын бир дептерге жазайын", – дейт. Ошенип кыр ашып баратып чалынып кеткенинен баштап, болгон азабын майдасынан чоңуна чейин "Бейиштен кур калбайын, бул дүйнөдө тарткан шорума жараша бейиш менен сүйүнчүлөнөм" деп өзү шайлап алган азап дептерине жазып жүрөт. Ошентип жүрүп ичер суусу түгөнүп бул адам дүйнөдөн көчтү. Кудайга жолугуу үчүн канча убакыт бар экенин ким билсин? Кудайдан башка. Кырк кадам куран окулгандан кийин эле көр азабы башталды. Анкүр, мүңкүр периштелер келип:

"Кана, көр пенде бул жашоодон алган ыракатың жөнүндө баян кылчы. Мунсуз сенин сенин бейишке канчалык деңгээлде татыктуу экениңди биз аныктай албайт экенбиз", – дешти.

Бечара жалган дүйнөдө көргөн жакшылыгын санабай, жалаң гана кыйналганын жазганын айтып, жооп таба албай турду...

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ



# Кемпирден калган чал жетим

Жакшы эле кемпирине: "Сенин алдында кетейин" деп Кудайга жалынып-жалбарганына карабай байбичеси мындан мурун дүйнө салып кетти. Айылдагы үйүнө балдарынын бири да тургусу келбеди. Баары талаалап жакшы турмуш издеп шаарга кетишти. Кемпиринен калган байкуш чал көп катары болбосо да, тирлигин эптеп өткөрүп жатты. Анча-мынча малы, өзүнө жетерлик оокат-ашы бар эле. Бирок мунун баары абышкага ашыкча түйшүк боло баштады көрүнөт. "Эки тизе белим жоо, ушунун баары жоо болсо, кайдан болот деним соо" дегендей акырындык менен кол-буттан каруу тайып калтырап, көздүн курчу кете баштады. Ал эми шаарлап кеткен балдары анда-мында эле келбесе, карыган курагында дээрлик кароосуз калды. Дагы жакшы, кошуна келиндер уйун саап, буга жетерлик сүтүн калтырып, уйун бадага кошуп жиберишчү болду. Бир аз кой-козусу калды эле, аны балдары келгенде "Керегиңерге жаратып алгыла" деп саттырып жиберген. Ошентип абышкадан ал кетти. Өткөн түнү катуу ооруганынан улам кошуналары шаардагы балдарына кабар беришти. Антип-минткенче балдары да жетип келишти. Балдарын көргөндө жүзү жаркып, боюн түзөй баштады. Улуу баласы: "Ата, ушинтип жалгыз жүрүп өлүп калсаңыз эмне болот? Эл эмне дейт. Сизди шаарга алып кетели. Дарылаталы. Кааласаңыз кемпир алып берели", – деп орунсуз тамашалап алды. Абышка болсо акырын тамагын кырып жөтөлгөн болуп:

– Балдарым, менин өсөрүм калган жок. Убакыт сааты да келип калды окшойт. Сапарга чыга турган баштанып калдым. Энеңер болуп ушунчанаңарды багып өстүрдүк. Элден кем кылган жокпуз. Окуттук-чокуттук, үйлөнтүп-жайлантып дегендей, ата-энелик милдетибизди аздыр-көптүр аткардык. Эми минтип ар бириң өзүнчө шаар болдуңар. Энеңер болсо кайра келгис сапарына кетти. Мен минтип ооруп калдым. Ынтымактуу болгула балдарым. "Ага-ини ынтымактуу болсо, мал ортоk, абысын ынтымактуу болсо аш ортоk" деген кеп бар. Биримдиктүү болгула айланайындар. Атаңардын журтун бош калтырбагыла. Ушул конушту жети атам байырлаган" деп үзүлүп кетти. Балдары болсо, "Кудай унутуп калган бул эски конушту кимибиз жердейбиз" деп атасынын өлгөнүнө кейибей, чүчү кулак кармаганда кимибиз туш болуп калабыз деп ошого санааркап турушту.

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

# Орозодо кыз узатсак болобу?



Атактуу аалым Чубак ажы Жалиловго суроолоруңуздарды SMS же Whatsapp аркылуу **0773-61-54-87** номуруна жибериңиздер!

***Эскертүү: аталган номур Чубак ажыныкы эмес***

**1) 1 айлыгымда апам мени таежеме таштап кеткен экен. Өз апамды таежем деп жүрдүм, 6-классымда гана билдим апам экенин. Азыр баккан апамды да, өз апамды да жек көрөм. Баккан апам “өз апаңа кет” деп тилдейт. Ага барайын десем өзү зорго жашайт, турмушка да чыккан эмес экен. Атамды сурасам айтышпайт, Көл жакта деп коёт. Эмне кыларымды билбей калдым?**

**Жооп:** Бакканды да, тапканды да жек көрбө! Балам балалуу болгондо билерсиң деген экен илгери бирөө. Анын сыңарындай, балалуу болгондо алардын баркын билесиң. Апанын тилдегени дары болот. Чоңоюп эле калыпсың, колуңа ак карга чычып, бак таалайлуу болсоң баарын карарсың. Жоголгон атаңды да табарсың. Намаз оку, ыймандуу бол! Куран окуганды үйрөн. Бактылуулук динде гана. Андан башкадан таппайсың, тапкандай болосуң, а бирок, ал закым гана. Жаратылганды жараткан Жаратканым жаратканын жаттан жакшы билет, Ал сызып берген сызыктан чыкпай жашасаң, бакытка жеткениң ошол, берекем!

**2) Намаз окугандан кийин сөзсүз оронуш керкпи? Москвада оронгондорду жумушка албай жатат. Эмне кылсам, устаз?**

**Жооп:** Намаз окуу – парз. Оронуу да парз. Бир парзды аткара албай жатсаң, экинчисин да аткарбай коюш керек деген маани жок. Пендеси колунан келишинче амал кылып, мусулманчылык вазийпасын өтөйт. Эң ириде абийирдүү ниеттин болмогу абзел, калганы Кудай Таалама ташталат.

**3) Жолдошумдун экинчи жубайымын. Кара тизмеге кирип калган жолдошумду сагынып Кыргызстанга келсем ал: «Келбе, кайра кет» деп жатат. Ушуга чейин жок эле дегенде байпак да алып берген жок. Ортобузда бир балабыз бар. Ал биринчи аялы менен жашайт. Талагымды сурап кете берсем болобу?**

**Жооп:** Байпак менен бардыгы чечилип деле кетпейт. Ага турмушка чыгарда эмнеге макулдук берип, эмнени талап кылган элең? Бир байпак албаган сенин кадырыңа жетер беле? “Кайра кет!” десе күндөшүңдөн коркуп жаткандыр. Сага мээримин бере албаса, ашы жок болсо да кашын тартуулай албаса!?! Ээн талаа эрме чөлдөй Орусияга шыйракка чапкандай кайра айдаса!?! Анын эмнеси эркек да, анын эмнеси эр?!? Кумурскадай кыжылдаган адамы көп Орусияда мээрлеше турганың жок болсо, ээн талаа болбогондо гүлзар болмок беле? Өзүң карап көр, атына ыраазы болсоң ыраазы болуп жашай бересиң. Аты эмес заты керек боло турган болсо, анда анын затын, же ажырашуу тууралуу оозеки же жазуу түрүндөгү катын суроого болот акың.

**4) Балдарымдын денесине арак сүртүп турам. Эч нерсе болбойбу?**

**Жооп:** Арак эмес, атайын ошонун ордун баса турган медициналык каражаттар болот. Ошондон сүрт. Атың өчкүр арактын шишесине балдардын көзү көнбөсүн. Аны көргөндө жийиркенип, кача тургандай тарбия берген жакшы.

**5) Мед. колежде окуйм. Мен да намаз окуп, жоолук салынгым келет. Ошого бул окуумду таштап, медресеге тапшырып алсам болобу?**

**Жооп:** Окууну таштабай эле намаз окуп, жоолук салынсаң болот эмеспи? Сөзсүз медресеге окуу да шарт эмес. А эгер диний таалимди тереңдеп алууну каалаган болсоң, анда башка кеп. Бир окууну баштап, бүтүрбөй аны таштап, экинчисине жармашып жаңыдан аны окуп баштап жүрө берсең, убакыт өтө берет. Убакыт кылыч сыңары, аны кесип калбасаң ал сени кесип кетет.

**6) Эволюцияга көз карашыңыз кандай, устаз?**

**Жооп:** «Өөрчүп, өзгөрүп отуруп бир абалдан экинчи абалга өтүү процесси” эволюция деп жалпылай айтылса, философияда “сан жагынан акырындап өзгөрүп отуруп, сапаттык өзгөрүүлөргө алып келүүчү өнүгүү формасына» айтылат. Сиздин сурооңуз советтик (СССРдик дегеним, светтик эмес) илимде айтылып келген “ Дарвин органикалык дүйнөнүн эволюциясына көп сандаган далилдерди келтирген. Жыйынтыгында адам маймылдан жаралган деген теорияны аныктаган” деген түшүнүккө такалса керек деп ойлоп турам. Сиздин сурооңузга бир аз узунураак жооп берүүгө туура келет. Аллах Таала касиеттүү Куранда инсандын жаралуусунун тепкичэтаптарын баяндап берген. Биринчи этап анын топурак (же кааласаң “баткак, же ылай”) болуусу; • “Чындыгында, Биз жараттык адамзатты ылайдан, (Чындык ушул, жалганы жок кылайган)”. (Аль Муьминуун: 12) • “О, адамдар! Эгерде, Шек кылсаңар тирилүүгө кайрадан, Силер үчүн (далилдер көп жайнаган). Эң биринчи топурактан башталып, (Көзү өткөнчө топуракка байланган)”. (Аль Хажж:5) • “(Эй Мухаммад! Эстегин!) Раббиң периштелерге: “Топурактан Мен жараттым денесин, Кара баткак түгөл берди (мөмөсүн). Турпатына өз жанымдан дем үйлөп, Жан киргиздим адамзатка Мен Өзүм. (Андан кийин Адам көзүн ачканда), Таазим кылып жыгылгыла саждага”.” (Аль Хижр:28–29) • Аллах Таала, каргышка калган Иблистин сөзүн мындай кабар берди: “(Иблис) жооп берет: “Сен аркылуу, Баткак менен ылайдан ал жаралды, Аны билип мен саждага барамбы?””. (Аль Хижр:33) • “(Эй, Мухаммад!) (Мушриктерден) сурачы, Эмне алар жаралганбы өзгөчө, Бышык бекен Биз жараткан заттардан? Билебиз го адамдардын денесин, Жабышкак бир (кара) ылайдан чапталган”. (Ас Саффат: 11)

Аяттардан көрүнгөдөй инсандын топурактан жаралуусу бир канча этаптарды басып өттү. Адегенде топурак, андан соң топурак сууга аралашып созулган ылай (жабышкак ) болду. Кийин ал ылай сасык жыттуу кара баткакка айланды. Бул кара сасыган баткак кургап, черткенде үн чыга турган чопо сымалга өттү.

Кээ бир окумуштуулар эволюция көз карашын адегенде Ламарк айтып, андан соң Дарвин кенен баяндап чыккан деп айтышат. Дарвин бул теорияны 1859-жылы жарыялаган. Чындыгында, бул теория аларга чейин эле айтылып келген. Мусулман аалымдарынан бул теорияны алгачкы оозанган аалым Ахмад бин Сахл аль Балхий (834-жылы туулган) болгон. О.э. биздин жердешибиз Абу Наср аль Фарабий (950 жылы өткөн) да бул сыяктуу пикирдин ээси болгон. Ал айтат: “Аллах Таала барлыкты жаратканда жөнөкөйлүктөн татаалдыкка, төмөндөн жогоруга карай жараткан. Акыркы чекит адамды жаратуу болгон. Адамдан да мыкты жаратылган барлык жок…”. Айтор, Дарвин абышкага чейин эле мусулман аалымдары бул маселени козгогон. А бирок кандайдыр бир бөлөк өңүттө сөз кеткен. Менимче, Дарвин аксакал өзүнөн мурдакылардын пикирин жакшы аңдай албастан, акыйкаттан алыстап кеткен болуу керек.

**7) Ооз ачуу убагынан эрте ачып алса, орозо бузулабы?**

**Жооп:** Ооба, ачылат. Эгерде атайылап ачса, анда бир күн каза менен биргеликте алтымыш күн каффаарат да кармап берет. Бирок, күн батыптыр деп ачып алган болсо, анда бир күн казасын кармап берет.

**8) Шамдын убактысы киргенден баштап канча мүнөттө чыгат?**

**Жооп:** Муфтияттын календарын карасаңыз бардыгы ачык болот.

**9) Апам мен тандаган мусулман балага турмушка чыгуума каршы болуп жатат. Эгер ага турмушка чыксаң сенден кечем дейт. Өзү Москвада, динди жакшы түшүнө бербейт. Мен ал балага турмушка чыгуум менен жоолук ороном деп жатам иншаАлла. Өгөй атам бар, өз атам жок. Турмушка чыгып кете берсем болобу?**

**Жооп:** Сен тандаган баланы сен тараптагы эркек адамдарга көрсөт. Мисалы атаңдын бир туугандарына, же өзүңдүн бир туугандарыңа. Балким сен жаңылып жаткан болушуң да мүмкүн. Ошол эле учурда апаң менен да кеңеш. Кеңешип кескен бармак оорубайт.

**10) Намаз окубай туруп, орозо тутса болобу?**

**Жооп:** Намаз парз. Ким намазын тургузса, динин тургузган болот. Орозо да парз. Аны кармабаган адам күнөөкөр болот. Намаз да окусун. Орозо да тутсун. Колунан келишинче аракетте болсун.

**11) Биздин жашап жаткан жерибиз чоң аталарыбыздан мураска калган үй. 12 жыл мурун жаныбыздагы кошуна үйүн сатып кетти. Жаңы келген кошуна силер бизге жарым метр кирип кеткенсиңер деп үйүбүзгө ныктап чатырын бийик кылып малкана салып алды. Анын чатырынын суусу биздин үйдүн дубалына түшөт. Багына суу койгондо биздин үйгө кирет. 6 бөлмөлү үйүбүздүн 2 бөлмөсү жараксыз болуп калды. Атам жок. 5 бир тууганбыз. 90 жаштагы энем, апам болуп жашайбыз. Азыр жаңы үй салууга каражатыбыз жетишпейт. Ошондо кимибиз бир-бирибиздин акыбызга кирип жаткан болобуз?**

**Жооп:** Жаңы келген адам мурдатан кандай болгон болсо, ошол чегарага ыраазы болуп алат. Ыраазы болбосо, ошол сатуучудан алып жаткан учурда тактап алуусу керек болот. Же, үйдүн документиндеги жердин картасына карап иш кылат.

**12) Жорго атты суутуп таптаса болобу?**

**Жооп:** Болот.

**13) Жолдошумду жакшы көрбөй, балам үчүн чыдап жашасам болобу?**

**Жооп:** Жакшы көрүп жашоо деле милдеттүү эмес. Ырайым, мээрим болсо деле жетет.

**14) Жума намазынан кийин сөзсүз “Этиатул бешим” намазын окуйбуз. Бул туурабы?**

**Жооп:** Ханафий мазхабында этиет бе-


MAGNAT ТАКСИ

1496

0772 89 55 77


Жарыя! Жарыя!

Учурда Бишкекте "Магнат" такси кызматы жаңыдан ишке кирди!

Тел.: 0772 89 55 77
0553 89 55 77
0703 89 55 77

БАШТАЛЫШЫ 35 сом

10 сом АР БИР ЧАКЫРЫМГА




Менчик унаасы менен тажрыйбалуу айдоочуларды да кызматташууга чакырабыз!

шим туурасында айтылат. Окуган жакшы. Бирок окуунун шарттарын кенениреэк билген оң болот. Адатта бул маселелер жума намаздын шарттарын билүүгө келип такалат.

**15) Мусулман адам жалганчы болушу мүмкүнбү?**

**Жооп:** Мусулман адам жалган айтпайт. Пайгамбарыбыз алайхис салам ушундай деп осуят айткан. Жалган айтып жаткан учурда ыйманы көтөрүлүп турган болот. Ыйман жана жалган айтуу бири-бирине коошпогон нерселер.

**16) Азыр жубайым, 3 балам бар. Үйлөнгөнгө чейин жашоом жакшы болчу, ибадаттарыма бекем, намаздар убагында окулуп дегендей. Жубайымды намазга жыга албай койдум. Жакшы да, катуу да айтып көрдүм, бирок болбоду. Намазым алсыздап, ал да намазга жыгылбай, тапканым да берекесиз болуп, кыйналып кеттим. Эмне кылсам болот устаз?**

**Жооп:** Аялыңды даваткa чакырсаң, мастурат жамаатка алып чыксаң жакшы болуп кетет. Дубада болсоң баары жакшы болот. Үмүтсүз шайтан.

**17) Жолдошум менен аз эле жашадым, бирок ошондо эле "мен сага эч качан ыраазы болбоймун" деп айта берчү. Бул сөзүнө акыретте жооп берип калбаймынбы?**

**Жооп:** Эми өткөн ишке салават. Ката кылган болсоң, тооба кыл. Кудай Таалам тообаларды кабыл кылат.

**18) Бала 2 жашка чейин эмизүү керек деген шариатта бар. Бирок жолдошуң бала 2 жашка чыккыча эле төрөй бер десе эмне кылуу керек?**

**Жооп:** Баланын акысын жеп койгон болуп, бир азыраак күнөөкөр болот.

**19) Орозодо кыз узатсак болобу?**

**Жооп:** Боло берет. Бирок орозодон кийинкиси жакшыраак.

**20) Узиге түшкөндө боюңдагыны кыз же уул деп айткан эжелерге ишенсек Аллага ширк келтирген болбойбузбу?**

**Жооп:** Жок, ширк эмес. Ал тажрыйбанын негизинде боло турган нерсе...

**21) Атаң зынакор болсо кандай чара колдонуш керек?**

**Жооп:** Дуба кыл. Катуу айтпа. Жакшы адамдар менен жолугуштур. Жакшынын шарапаты, жамандын кесепети.

**22) "Жолдошум жок. Кыз багып алсам болобу» деген суроого «ата тарбиясын көрбөгөн кыз эрин кантип сыйласын" деп жооп бердиңиз. Ошондо атасынан эрте ажыраган кыздар турмуш курбай эле коюш керекпи?**

**Жооп:** Атасы бар туруп деле ата тарбиясынан албай калгандар болот. Атасы жок туруп деле аталуу кыздардай тарбия алгандар бар. Бирок, айта кете турган маселе бүтүн үй-бүлөдөн келин алган эң жакшы. Бүтүн үй бүлөгө кыз берген да эң жакшы..... Бүтүн үй-бүлө адатта бүтүн тарбия берет. Кээде андай болбой да калат.

Даярдаган: ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Аттуши берет деген ушул

Гош шаарында иштеген кызыл таякчан тинттерге убал эле болуптур. Байкуштарга гоштук кумурскалар керек болсо садага бербей калган экен. Өткөндө атайын чогулуп чыгып алып, Гоштогу айтылуу көпүрөнүн эки жагына туруп аркан тосуп көрүштү эле, эч ким карабай койду. Айласы кеткенде кээ бирөөнү, (мындай кумурчак-сумурчактарды) күчкө салып, токтотуп көрүшсө, анысы деле тажап бүтүптүр. Тим эле атын, жашаган жерин, ата-жотосуна чейин билишет экен тинттердин. Кыязы дайыма эле ушу кумурчакты тосо берип надаил кылышкан го.

– Койсоң эй, Норик ака. Жөн эле койсоң эми. Дайыма эле берем го эй, – деп өзүнүн байкесине таарынгандай таарынып алган. Берки тоскон тинт өзү жаман болду.

– Акырын эми, ука. Эртең эле кайра берем – деп шыбырап эки жагын карап коёт. Айласы кетти бечаранын. Жакшы эле таанылбайлы деп баары окшош кийинип алышты эле, болбой эле таанып алышчу болду. Ушундан көрө ургаачы болбой деп ичи ооругандар да бар. Ургаачы кумурскалар азыр Гошто бетине чейин оронуп алып атышпайбы. Көзүн эле ачып коюп каалаган кумурсканы тосуп, кайыр сурай бермек. Ээхх...

Бирок болбой эле таарынчак кумурчактын коңузун кармап барып бакка байлап салышты. Эми ал бирдеме бермейин кетпейт. Андан кийин жолго чыгып кайра тосо башташты. Бирөөнүн эптеп тосушту эле анысы коңузунан түшпөй койду. Бул тинттер да балакет эмеспи. Мындайларга укмуш ыкмалардын таап алышкан. Мисалы, жаңы ала качылган ургаачы кетип калбасын деп картаң кумурскалар босогого жатып алышат го. Булар да ошентип калышыптыр. Тиги түшпөгөн соң бирөөнү коңуздун алдына жаткыра коюшту. Тиги коңуздун ээси нары жылса нары, бери жылса бери сойлоп жатып алат. Анткени менен бул ургаачы эмес да. Жатып алсаң эле коркуп отуруп калгыдай. Булар деген



эркек деп коёт. Болгондо да гоштук эркек. Акырын коңузун артка кайрыды да кетип калды. Бечара тинттер кала берди бир бүдүр ала албай. Андан кийин канча коңузду тосушту. Бирөө да токтогон жок. Алдына жатып да көрүштү, артынан кубалап да көрүштү, аркан тосуп да көрүштү. Токтобой коюшту.

Бирок тинттер деле таарынган жок. Бүгүн болбосо эртең болот деп көнүп калышкан. Ал тургай көпүрөнүн үстүндө нары-бери кубалашып ойноп да келип атышты. Жетсе алдын тосуп жатып алат. Кармай албай калса санын чаап калып калат. Кыскасы, кээ бири ойноп, кээ бири тамашалашып, кээ бири таарынып дегендей, көңүлдүү кеч болду.

Баса, кээ бир алыскы уяларда тинттердин жашоосу мындан да кызык. Жергиликтүү эл менен эриш-аркак күн кечиришет. Жол жээктей токтоп, кызыл таягын булгалап туруп калышат. Анысы жолоочуларга деле көндүм. Тоссо «кандай?» деп коёт. «Эмне болду? Бирдеме берип ийейин дедиңби?» дегендери болот. Ал тургай тинттин жанына туруп алып, «бүгүн жолдо тинт жок, баланча эле турат» деп сүйлөшүп калгандар бар. Ушунчалык алыш-бериш, карым-катыш боло берип ошол баланчанын өзү тинт экенин унутуп калышкан. Күнүгө эле көрүп, учурашып атса ошол да. Ал эмес ачыткыга тойбой калгандар да так ошо тинтке барып алганын кантесиң, тооруп. «Бол эми бирөөнү тосо калчы» дейт түз эле. Беркиниси да кыйбайт да, «коё тур» деп акмалап туруп бирөөнү тосот. Тоссо анысы да тааныш. «Оо, дос, ырас болбодубу» дейт дароо. «Бирдеме таштап кетчи. Тигил бир аз ачыткыга тойбой калыптыр. Кетпей атат» дейт. Беркиниси дароо түшүнөт. «Боптур, энесурай тинттерге деле берип атпаймбы. Андан көрө сага берейин» деп болжоп туруп карматат. Мына таңдыкы десе. Тинт менен эл ушунчалык аралашып калган, маңдайында турган тинт экенин да унутуп туруп аттуши берип салат. Мына, аттуши берет деген ушул. Алыскы уяларда гана ушундай аттуши жашоо бар. Башка жерде жок...

ЧЫНДЫК АЙТПАСОВ



# УЗАК ЖОЛ

**Тарыхий роман**
**Автор:** Мукай Элебаев

***(уландысы)***

Ушу Сарыбай байдын байбичеси мени киши катары санап, «ардактап» чакыртып жибергени мени таң калтырды. «Сарыбай» деп сырттан укканым менен үйүн көргөн жан эмесмин. Бардым. Тыштан бирөө мени баштап барып ак үйүнө кийирди. Мен кирип токтогон алдыңкы бөлмөсүндө чмыкый бачайы — макмалдын үстүндө жашыл тукаба чапанын желбегей жамынып, көөлгүгөн бир зайып отурат. Башында заңкайган торгун элечек. Байбиче ушул экенин байкадым. Жашы жетип калса да (бери болгондо элүү беште болор) кең дөөлөттүн аркасында, али карылыкка толук моюн суна койбогондугу көрүнүп турат. Семиз, чатыраган кызыл киши экен.

Мен кирип барганда: «мына бул жерге олтур» дегендей ишаара кылып, өзүнө жакын жерден орун көрсөттү. Бир аз жымжырт. Тагдырым ушунун колунда тургандай, ааламга аян болгон байбиченин алдында, анын чечимин күтүп, байлоого түшкөн кулдай үңкүюп мен отурам. Колума берген жалгыз нанды сындырып жеп отуруп «Балким менин жетимдигиме жаны ачып, бирдеме берейин деп чакыргандыр» деп ойлоп коём. Байбиче бир кезде сол колун сунуп, мага бирдеме берди. Колума тийгенден кийин карасам бири беш тыйындык, бири эки тыйындык—жети тыйын жез! Адегенде: «Капырай, сан жылкылуу Сарыбайдын колунан жети тыйын чыкканыбы» деп ойлосом да, артынан түшүндүм. Бул мага берген садагасы экен!

Анткени Сарыбай бай көптөн бери ноокас эле. Бая мен келгенде элдин аягы басылбай, бири кирип, бири чыгып, төркү бөлмөдө жаткан байдын көңүлүн сурап жатышкан. Мен ушул үчүн чакырылып келипмин. Азыр мен нан жеп отурганда байбиче бирдемени дубалап жаткан молдодой оозу башын кыбүрөтүп, колунда аралаштырып кармап турган бир-эки жез тыйынга кезек-кезек «сув» деп коюп отурган.

Садага бериш үчүн төрт кыбыласы түгөл жетим издешип, буга бүтүн Кең-Суудан мени туура тапса керек! Бир нанды жеп, жети тыйынды алганымдан кийин эми менде эч кимдин тыйынча да жумушу жок көрүнүп жолума түштүм. Бая мени үйгө киргизген неме иттен чыгарып койду. Жолдо бара жатып бүгүн мени кордогондой, кемсинткендей болуп көңүлүм иренжиди. Мени эмнеге чакырып кеткенин мурун түшүнүп алышкандай, үйгө барганда кийин Сарыбай байдыкынан эмне «олжо» менен келгеним тууралуу эч ким сураган жок.

Үч ай жүргөнүмдөн кийин бир күнү Элебес келип мени алып кетти. Буга таенем да көп каршы чыккан жок. Биз аттанганы жатсак:

— Кетсең кет эми. Сага бирдеме да кийгизе албай калдым. Жамандабай бар...— деген болду да, өзүнүн бир эски күрмөсүн берди. Жаздай жүрүп тапкан олжом ушул!

Таята, таекелерим четинен бай. Бирок аларды башынан сараң кылып жараткан! Байлык жагына келгенде бул Кең-Сууда Чыңгышбай уулунан ашып түшкөн бай кем. Жалаң бир атадан тарагандар бир уруу журттай болуп, эртели-кеч малы жайылып чыкканда кара таандай каптачу. Ошентсе да котур улак үчүн өлгөн өңкөй сараң. Тогуз жүз койлуу тун уулу Сааданбай тери шымдан бөлөк, өмүрүндө кездеме кийип көргөн жан эмес. Али эсимде, бир күнү талаадан өйдөлөнүп өлгөн бир токту үчүн кадимкидей ыйлап, койчусун таң аткыча сабап чыккан.

Балдарынын аты уйкаш. Эң улуусу Сааданбай, ананМергенбай, анан Ийгенбай, Деркенбай, Орозобай, Картаңбай.

***(уландысы бар)***

# Коомдук канал коомун сыйлабайт

## Мусулмандардын эң маанилүү күнүнүн, айынын башталышы калкынын 90 пайызы мусулмандардан турган биздин мамлекет үчүн өтө маанилүү көрүнүштөрдөн. Бул өтө чоң коомдук окуя

Бирок, бул тууралуу биздин бирден-бир улуттук, коомдук телекөрсөтүү бир дагы берүү чыгарган жок. Анын ордуна каяктагы бир картөшкө айттылды. Кээ бир суу ичүү боюнча кыска нерселер, күндүн ысыктыгы кеп болду. Эң аягында гана Ажобуз мусулмандарды орозосу менен куттуктаптыр, ошону окуп коюшту. Эми бул бир жагынан экстремизмди туудурат. Ар бир маселе мыйзамдын чегинде болсо, анда бул деле бир чектен ашуу. Телевидениенин коомго коошпогону, коомго жат иштерди кылганы да чектен ашуу болот. Ар бир элдин өзүнө таандык үрп-адаты бар, ар бир элдин өзүнө таандык баалуулуктары бар.

### Салык төлөөчүлөрдүн көбү мусулман

Албетте жалпы адамзатка таандык орток баалуулуктар бар дегилечи, бирок бир коомдун ичинде дагы өз үрп-адаты, жашоо шартты, ишенимдери жана баалуу, маанилүү деген күндөрү бар. Буга ар түрдүү майрамдар, же болбосо жалпы элге жагымдуу, кубаныч тартуулай турган күндөр кирет. "Кой аксагы менен жүз" дегендей, ар кандай кемчилиги, артыкчылыгы менен дүйнө жүзүндө бир жарым миллиардга жакын мусулман бар экен. Ошонун ичинде биздин эл дагы өзүн мусулман катары сезет. Албетте, мусулманчылык парзын аткарып-аткарбоо маселесинде ар кандай айрымачылыктар болгону менен, көпчүлүгү өздөрүн мусулманмын деп билишет. Мындайча айтканда, биздин мамлекеттеги салык төлөөчүлөрдүн көбү өздөрүн мусулманмын деп санайт. Бүгүнкү күнү биздин коомдун көпчүлүгүн ошол мусулманмын дегендер түзөт. Бизде мына ушул түшүнүк толук калыптанбай келет. Дүйнө жүзүндөгү өнүккөн, алдыңкы деңгээлге жеткен өлкөлөрдө эч убакытта коомго карабай бир нерсе кылынбайт. Өз коомуна каршы бир нерсе жүргүзүлбөйт. Андай нерсе авторитардык, тоталитардык, же болбосо толугу менен коомунан бөлүнүп калган, коомун өзүнө жат жакка жетелегиси келген, маргиналдашкан жерлерде эле болушу мүмкүн.

### Ишенбегендер деле ынтымакка чакырылса

Дүйнө жүзү боюнча 50 мусулман өлкөдө 12 айдын ичинен эң куттуу айы – Орозо айы башталып отурат. Анын үстүнө ал быйыл эң узун, ысык күндөргө туш келди. Мына ушундай күндүн башталышы мусулмандардын көз карашы менен караганда ушунчалык толкундандыруучу, сезимин ойготуучу башкача бир окуя да. Анан ушундай феноменди өтө кымындай кабар менен берип коюу кандай болот? Анан калса, буга чейин ооз ачарда азан айтылып, жарыя кылынып да келген.

Чындыгында, ошол биринчи күнү кандай өттү, орозо деген эмне дегендей ырааттуу материалдарды берип, же болбосо мусулмандарды, жалпы элди бир туугандыкка алып келген берүү даярдаса болбойбу? Ушунун арты менен ишенгендер же ишенбегендер деле бул күндүн маанилүүлүгүн сезсе, бири-бирине болгон ынтымак, жакындык чагылдырылса, мына ошондо КТРКнын коомдук телевидение экени билинет эле.

### Ажобуздун куттуктаганы эле көптү билдирет

Чынында, көптөгөн мусулмандарга, ишенгендерге, деги эле ошол коомдук каналды камсыздап аткан салык төгүүчүлөргө биздин телевидение канчалык



жат экенин көрсөтүп койду. Коом буга албетте ичинен таарынып, ичинен жек көрүп капа болот. Радикалдык, экстремисттик түшүнүктөр мына ушундай нерселерден чыгат. Коомдук делген мекемелер коомдун сүйүнүчү менен, кызыкчылыгы менен, коомдун жашоосундагы маани берген нерселер менен аралашып, ага каршы эмес, алар менен бирдикте жашаса, узун мөөнөттө аралашып жуурулушса анан коомдук болот. Орозонун биринчи күнүндө эле элден алыс, ыраак жашап аткандыгын көрсөтүп койду. Болбосо Ажобуздун куттуктаганы эле көптү түшүндүргөн нерсе. Ал куттуктап жаткандын кийин Ыйык Рамазан айын кеңири чагылдырууга бир эле КТР эмес, жалпылай журналистика чөйрөсүндөгүлөр да милдеттүү десек болот. Муну канал жетекчилиги эске алуусу керек. Антпесе, коомго карабай туруп коомдук телеберүү боло албайт. Коомго керексиз экенин жардын кырына келгенде гана сезет. Бирок ал күнү кеч болуп калат.

АЛИАСКАР САГЫМБАЕВ







